Кирг
С(Кирг)
Д 67
13



Ч. ДӨӨТАЛИЕВ

# ТООДОГУ КҮНДӨР

ЧӨКҮ ДӨӨТАЛИЕВ

# ТООДОГУ КҮНДӨР



*Аңгемелер*

ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» 1987

84 Ки 7—44
Д 71

*Өспүрүмдөр үчүн*
Сүрөтчүсү *Э. Үсөнов*

**Дөөталиев Чөкү.**

**Д 71** Тоодогу күндөр: Аңгемелер: Өспүрүмдөр үчүн /Сүрөтчүсү Э. Үсөнов. — Ф.: Мектеп, 1988. — . . . б.
ISBN 5—658—00171—4

Автор бул китебине кирген аңгемелеринде кыргыз жеринин сулуулугун сүрөттөп, анын баа жеткис байлыктарын көз карегиндей сактоого үндөйт. Элибиздин эзелтен келаткан кесиби — мүнүшкөрчүлүк жөнүндө да кеңири сөз козгойт.

**Д** $\frac{4803010200-192}{М\ 452\ (17)-87}$ 187. 88. **ББК 84 Ки 7—44**

ISBN 5-658-00171-4

Рецензенти *Жапар Саатов*

© «Мектеп» басмасы, 1987

## ТҮПКҮРДӨГҮ АДАМ...



...Күн уясына небак эле баткан. Коюу караңгылык барган сайын капчыгай ичин каптап барат. Нөшөрлөгөн жаандын басылаар түрү жок. Чагылган анда-санда жарк-журк этип жок боло түшөт. Жакын жерден жылтылдаган оттор, а түгүл күндө абалап үрүп алдыдан тосо чыкчу иттердин үнү, эртели-кеч айлананы ызы-чууга бөлгөн койлордун маараганы, уйлардын мөөрөгөнү, жылкылардын кишенегени да угулбайт.

Мөндүр аралашкан жамгыр жер бетин жууп, ат кулактын калдайган жалбырактарын тытмалап жатат. Ушул учурда түндүн жарчысы сыяктанган үч караан кокту оозунан суурулуп чыга келди. Алар жаандын шыбыргагына кулак түрө өтөктөгү жолдо ээрчишип келе жатышат. Булар бирге окуган курбулар Тимур, Урмат, Нурлан эле. Окуунун аяктаганына көп болсо да алар мектептин жайкы ремонтуна кол кабыш кылууга калышып, эми малчы ата-энелериникин көздөй учурашканы баратышкан болучу.

— Баягыда келгенибизде, малчылар ушул аймакта эмес беле? — деди Урмат таңдана, — эми алар кайда көчүп кетишкен?

Балдар унчугушкан жок, арыштарын кере таштaшып бир калыпта кетип баратышат.

Жаан дагы эле шыбыргактатып жаап турат. Балдар шөмтүрөп суу болушту, кийимдери денесине чапталышып, тоскоолдук кылууда. Үшүгөндөн улам балдардын өңдөрү түктүйүп, эриндери көгөрүп чыкты. Бирок, бирөө да «үшүдүк» деп айтпады.

— Биз жаңылыштык кетириптирбиз, — деди бир кезде Нурлан.

— Ал кандай жаңылыштык экен? — Урмат токтоло калды.

— Баягыда келгенибизде, Жетимиш чоң атам жердин оту түгөнүп, малга жайсыз болуп калды, төш таянбасак болбойт деп айтпады беле. Аны биз унутуп калган турбайбызбы? — деди Нурлан. — Белге чыгуу керек!

Кокту ичи мурункудан шоокумданып, негедир айлана сүрдүү көрүнөт. Тигинден-мындан сай-сайлап аккан суулар алыстан бирде күңгүрөнүп угулса, бирде дымый түшөт. Ушундан улам кээде балдардын сүйлөгөн сөздөрү да угулбай калып жатты.

— Белди ашалы, бирок айылды кайсы коктудан издейбиз, — деди тынчсызданган Урмат бир кезде.

— Башка арга жок, кандай болсо да айылды табуу керек, — деди Тимур чечкиндүү.

— Туура айтат, — деп Нурлан жолдошунун айтканын кубаттай кетти, — анча болду чыдайлы, болбосо менин айтканыма көнгүлө.

— Көнөлү, кана анда эмне дейсиң?

— Анда мындай. Бир аздан кийин белге чыгып, оңго бурулабыз. Бир аз жүргөндөн кийин бадалдуу бетке түш

келебиз. Ошол бадалдуу беттин түшө калышында үңкүр бар.

— Үңкүр?

— Ооба, үңкүр бар, — деди Нурлан. — Аны атам айткан.

— Адашып кетип жүрбөйлү? — деди чочулаган Урмат.

— Эмнеге адашмак элек, — деп Тимур кесе сүйлөдү.

— Болуптур, анда эмесе...

Балдар жүрүшүн ылдамдатышты.

* * *

Балдар жаандан корголоп үңкүргө киришти. Анын ичи караңгы, бирок жылуу экен. Алар үңкүрдүн ичинен ыңгайлуу жай табышып, орун ала кетишти. Бирок мындай жайга мурунтан көнүкпөгөндүктөн эмнегедир алар өздөрүн ыңгайсыз сезип жатты. Келээри менен өтмө катар суу болгон кийимдерин чечишип, толгой кармап сыгышып, анан кургасын деп ар кайсы урчукка жайып коюшту.

Балдар үңкүрдүн ичин байкай башташты. Мына кызык... Үңкүрдүн бир бурчунда жумшакталып салынган чөп жатат. Чөп куурай элек экен. Кыязы өйдө-төмөн өткөндөр жаандан корголоп эс алган окшобойбу. Балдар чарчагандан улам төшөлгөн чөптүн үстүнө жата кетишти. Урмат менен Нурлан аябай чарчаптыр, жатары менен эле бышылдап уктап кетишти. Бирок Тимурдун уйкусу көпкө чейин келбеди. Ал ары түйшөлүп, бери түйшөлүп эмнегедир көпкө чейин уктай албай кыйналды. Канчалык уктайын деп ниеттенсе да бардык аракети текке кетет. Көзү такыр ирмелбейт. Жомоктон уккан, китептен окуган,

кинодон көргөн укмуштар улам көз алдына тартылып, барган сайын жүрөгүнүн үшүн алат. Көзү илинип бараткaнда аны кандайдыр бир түрү суук жырткыч басып калчудай сезилет. Ал селт этип чочуп, бир кезде ордунан тура калды. Айланасын караса эч нерсе жок. Үңкүрдүн ичинде жатат. Жанында эки жолдошу: Нурлан менен Урмат. Алар эч нерсени сезишпейт. Тимур бир топко отуруп, эки жагын элеңдеп карады. Бирок, эч нерсенин шеги билинбейт. Бул эмнеси? Эмне үчүн уйкусу келбейт?..

Сыртта дагы эле алай-дүлөй. Жаандын шыбыргактап жааганы үңкүрдүн ичине да угулуп жатты. Акыры бала үңкүрдүн бооруна, төбөсүнө, борчуктарына көз жүгүртө кетти. Мынчалык чоң үңкүрдүн кандайча пайда болгонуна көзү жетпей таң калат. «Бу үңкүр кандайча пайда болгон? Же башынан эле ушундайбы? Жаандан, же жер титирөөдөн пайда болгонбу?» Андай деп ойлоюн десе суу кире турган жери деле жок экен. Бала ушуларды ойлоп, анан себебин таба албай бушайман болот. Баары бир жообун таба албады. Акырында көзү илинип уктап кетти.

Кандайдыр бир добуш Тимурду чочутуп ойготуп жиберди. Баланын кулагына корулдап чыккан үн шак дей түштү. Уйкусу тарай элек бала анын эмне экенин биле албай көпкө турду. Адегенде «жолдошторум болсо керек?» — деп ойлоду. Бирок бурулуп караса, экөө бышылдап катарында уктап жатышат. Азга демин ичине катып, айланага кулак түрдү. Алиги корулдаган үн үңкүрдүн түпкүрүнөн дагы эле угулуп турду. Бала коркуп кетип, ал жакты тикирейип карап калды. Кимдир бирөө коңурук тартып жаткандай сезилди. Бул ким? Адамбы, же кандайдыр бир башка коркунучтуу айбанатпы? Бала толук

ажырата албады. Коркконунан улам жолдошторун ойгото баштады:

— Нурлан, ой Нурлан! Тур өйдө, тур өйдө дейм!

Андан кийин Урматка келип, аны жондон тарткылады.

— Урмат, Урмат дейм! Тур өйдө, тур! Бачым, бачым дейм!

Чарчаган балдар көпкө чейин уйкусунан бошоно алышпады. Бала да чыдай албады, жолдошторунун жеңинен тарткылай берди. —Тургула, тургула дейм!

Уйкусураган балдар көздөрүн ушалашып араңдан зорго өйдө болушту.

— Эмне, деги кишини уктатпайт экенсиң! —деди Нурлан көзүн ушалап жатып, жолдошуна нааразы боло.

— Чүш, чүш! Акырын, угуп коёт! —деди Тимур Нурландын жеңинен тартып.

— Угуп коёт? Ким угуп коёт? —деп Нурлан сөздүн эмне жөнүндө айтылып жатканына көп маани бербеди.

— Бери баскыла!—деди Тимур аларды колдон жетелеп.

— Эмне болуп кетти? — дешип экөө тигинин артынан жөнөштү.

Тимур көпкө буйдалбастан, экөөнү ээрчитип үңкүрдүн түпкүрүн көздөй жөнөдү. Ана кичинекей бурулуштан өтүштү да токтой калышты. Эмнегедир Тимур демин ичине тартып, кандайдыр бир нерсени тыңшап жатты. Тиги экөө тең оздорун ачып Тимурду жалдырай карашат. Ушул учурда үңкүрдүн түпкүрүнөн коңурук дагы кайра угулду.

— Уктуңарбы? —деп Тимур жолдошторуна кайрылды.

— Уктук, —деп жооп берди Нурлан, —бул эмне?

— Эмне экенин мен да биле албай жатам.

— Адам болуп жүрбөсүн? —деди Урмат сөзгө аралашып.

— Ким билет, балким адам эместир? —деди Тимур.

— Ошондой болушу да мүмкүн, — деди Нурлан, — кокус аюу болуп жүрбөсүн?

— Мүмкүн, — деп кошула кетти Урмат, — аюу да коңурук тартат деп атам айткан.

Балдар кулактарын түрүшүп, бир азга унчукпай калышты. Анан буттарынын башы менен аяр басып түпкүрдү көздөй илгерилешти. Мына кызык... Тээтигинде, кулаган чоң таштын коңулунда зуңкуйган бир адам уктап жатат. Эмнегедир анын сакал-муруту сапсайып аябай өскөн, жанында мүшөгү бар экен. Мылтыгы ташка жөлөнүп турат. Балдар аны көрөрү менен коркуп кетишти.

— Бул кайдагы адам? —деди Урмат.

— Ким билет?

— Бул соо адам эмес ко? —деп калды Нурлан бир кезде.

— Туура айтасың,— деп Тимур анын сөзүн коштоп кетти, — кебетесин деле карасаңар. Жашырынып жүргөн неме болуу керек.

— Туура, болбосо айылга деле барып жатпайт беле?

— Ой, кокус шпион болуп жүрбөсүн?

— Болсо, болот.

— А балким шпион эмес чыгар?

— Аны сен кайдан билдиң? Шпион эмесмин деп эмне чекесине жазып алыптырбы? — деп жиберди Нурлан.

— Тигине, мүшөгү. Болду-болбоду, анда рациясы болууга тийиш! —деди Тимур.

Балдар бир азга ыргылжың болуп турушту. Анан кокусунан эле Тимур балдарга кайрылып минтти: — Азыр мен силерге отряд советинин председатели катарында кайрылам. Чек араны бузгандарды кармоо ар бирибиздин ыйык милдетибиз. Убакытты текке кетирбей аракеттенүү керек. Ал үчүн айылга кабар берүүгө тийишпиз. Убакытты созбойлук, кана айылга кимибиз барабыз?

— Мен барат элем, бирок тизем... — деп Нурлан ташка уруп алган бутун кармалай кетти.

— Анда мен эле барайын, — деди Урмат чечкиндүүлүк менен.

— Жарайсың, Урмат! — деди Тимур аны далыга чапкылап.

— Ириде, тигини куралсыздандыруу керек! — деп Тимур сунуш киргизди.

— Туура, туура, — тиги экөө колдоп кетишти, — болбосо...

Балдар дабыш чыгарбай анын жанына келишти да мылтыгын алышты, анан кайрадан орундарына келишти. Мылтыкты кармалап көрүшүп таңгалышты, башкача мылтык экен, маркасы да чоочун. Балдар мурун дегеле мындайды такыр көрүшкөн эмес.

— Мына, айтпадым беле! — деди Тимур, — душмандар өз агенттерин мына ушундайча жаңы куралдар менен жабдып турушат. Урмат, сен тезирээк жөнө. Келгиче муну Нурлан экөөбүз кезек менен көзөмөлдөп турабыз.

— Туура, — деди Нурлан, — мылтык болсо колдо...

— Сак болгула! — Урмат ордунан туруп жөнөй берди.

Урмат сыртка чыкты. Бир азга токтолуп, келген багытын баамдады. Жаан басаңча тартып калган, бирок ай-

лананы туман каптап калыптыр. Бала бир ирет терең күрсүнүп алды да, айылды көздөй бет алды. Көп узабай эле эрбеңдеген жалгыз караан тумандын ичине аралашып жок болду.

* * *

Таңга маал тигил чоочун адам ордунан турду. Саат алтылар чамасы болуп калыптыр. Кыйла жерди жөө кыдырып, аябай чарчаган неме катуу уктаптыр. Бир азга керилип-чоюлуп алды да буюмдарын иреттеди. Мына кызык... Мылтыгы жок ордунда, чочуп кетти. Издей баштады, тегерегинде көрүнбөйт. Бери басты, эки бала уктап жатат. Мылтыгын алып жатып, мыйыгынан жылмайып күлүп минтти: «Кыязы, айбанаттардан коркушкан көрүнөт!»

Мүшөгүн ачып, ичинен кагазга оролгон бир нерсени алып балдардын жанына койду. Анан аларды бир топко карап турду да, унчукпастан басып кетти. Чоочун адам белге келди. Бир аз эс алды, тамактанды. Анан айлананы карап өзүнчө суктанып койду: «Баракелде, жер соорусу деп ушул аймакты айт!»

Күн чоң шашке ченде Тимур чочуп ойгонуп кетти. Айланасын карап алып, өз көзүнө өзү ишенбеди. Кайтарган кишисинен, ал тургай мылтыктан дайын жок. Нурлан бышылдап дагы эле отурган жеринде уктап жатат.

— Нурлан, ой Нурлан дейм!

— А, аа,— деп ал уйкулуу көзүн ушалап тура калды.

— Кайда, кайда дейм, шпион?

— А-аа, ка-й-сы, ка-й-сы! И-и, эми эле... Тиги, тиги...

— Колундагы мылтыгың кана?

— Мылтыкпы?.. А-аа, А-аа! Мы-л-тык, мы-л-тык... мы, мы...

Аңгыча болбой Тимур анын жанындагы кагазга оролгон нерсени көрө койду:

— Бул эмне? — деди ал.

— Билбейм,— деди курбусу.

Бала кагаздын ичин аңтарып, анын ичинен эки консерваны алып чыкты.

— Демек, түшүнүктүү,— деди ал шекшине,— ушуларга алдандым дечи!

— Эмнеге? — деп Нурлан түшүнгөн жок.

— Эмнеге деп коёт,— Тимур кекете сүйлөдү,— сенде уят да, намыс да жок экен.

— Эмне жемелейсиң, мен эч нерсе түшүнгөн жокмун,— деди ал күнөөлүү кишидей жер карап,— уктап калыптырмын.

— Уктап калган имиш,— деди ал дагы кекээрлеп,— душманды качырып жиберген турбайсыңбы!

Нурлан жооп таба албай кайсалактады.

* * *

Эки бала эки жерде баштарын жерге салып шылкыйып отурушат. Алар милиционер баштаган малчыларды көрүү менен чочуп кетип, орундарынан тура калышты.

— Кечирип коюңуз, аба! — деп Тимур күнөөлүү кишидей жылкычы Мукашты карады,— биз сиздердин алдыңыздарда күнөөлүү болдук.

— Күнөөлүү?.. Эмнеге?..

— Шпионду качырып жибердик.

— Качырып жибердиңерби? — деди чочуй түшкөн койчу Орозобек.

— Ооба,— балдар күнөөлүү кишидей жер караштьі.

— Ай, ай! Кап, кап!.. Жаман болгон тура,— деп кейий баштады Мукаш,— жакшылап көз салып туруш керек эле да.

— Ооба, ооба аба!.. Туура айтасыз! — деди Тимур да жер карап,— бирок менде күнөө жок, күнөө тигинде...

Ал көзү менен акшырая карап, колу менен Нурланды көрсөтө кетти. Ошондон улам бул жакка келгендер күнөөнүн кимде экенин биле коюшту.

— Демек, иш чатак,— деди койчу Орозобек,— кайсы тарапка кеткенин билесиңерби?

— Билбей калдык, аба,— деди Нурлан сөзгө аралашып.

— Өңү-түсү кандай?

— Өңү-түсүбү? — деп Тимур ойлоно калды,— узун бойлуу, сакал-муруту өскөн.

— Бутундагысычы?

— Бутундагысыбы? — деп Тимур дагы ойлоно калды.— И баса, таманы калың, быдырлуу ботинка.

Жылкычы Мукаш ордунан турду да колундагы фонарын жандырып, тигинин баскан издерин карай баштады. Үңкүрдүн ичинде темир такалуу ботинканын изи ар кайсы жерде даана көрүнөт.

— Демек, атайын даярдалган өтүк экен,— деди Орозобек,— дагы эмне көргөн-билгениңер бар?

Бала кагазга оролгонду бере салды. Ал аны кылдаттык менен кунт коюп карап жатты, анан консерванын эки калайын алып чыкты.

— Көрдүңөрбү муну?

— Көрдүк,— деди балдар.

— Бул консерва турбайбы,— деди ал,— муну атайы силерди ууландыруу үчүн калтырып кеткен. Жеген жоксуңарбы?

— Жок,— деп балдар чочуп кетишти.

— Жебегениңер жакшы болуптур,— деди ал,— болбосо...

Андан кийин Орозобек консерва оролгон газетаны кунт коюп карай баштады. Окуюн деп окуй албады. Айласы кеткенден кийин окугун деп балдарга сунду. Бирок, чоочун тамга менен терилген мындай газетаны эч кимиси окуй алышпады. Ошондон улам тигилердин шектенүүсү ого бетер күчөдү.

— Гм, гм, гм,— деди жылкычы Мукаш,— мында чын эле кеп бар экен!..

...Туман дагы эле айлананы каптап турду. Тигилер Кум-Белге келишти. Бардыгынын аракеттери кандай да болсо «жолбунду» алыс узатпай кармап калууда. Бирок, Нурлан эмнегедир өзүнчө эле бушайман. Шпионду жалгыз өзү атайылап качырып жибергендей, бүтүп калган ишти жалгыз өзү бузгандай ичи уйгу-туйгу. Капалуу Орозобек да көзүнөн дүрбүсүн түшүрбөй өзүнчө жан алакетте. Пионерлер баштаган малчылар кыр жол менен көпкө чейин жүрүп отурушту, анан өтөккө түшүп, солго бурулушту. Суудан кечип өтүштү, анан түз мейкиндикке чыгышты. Ал жерден кой жайып жүргөн койчуманга жолугуп калышты. Орозобек аны обочороок жерге чакырып чыгып: — Бул аймактан «чоочун» адамды көзүң чалган жокпу?—деп сурады.

— Чоочун адамды? — деп койчуман таңдана калды,— эмне экен?

— Маанилүү иш бар! Жашырбай ачыгын айт! — деди ал олуттуу сүйлөп.

Койчуман азга ойлонуп турду да анан бүгүнкү көргөндөрүн кыскача баяндады.

— Сизге дагы бир жолу эскертип коёюн,— деди дагы ал,— жашырбай ачыгын айт.

Койчуман көргөндөрүн: эртең менен сакал-муруту өскөн жаш жигитке жолукканын, ага кымыз бергенин, ал көп акчанын ичинен кызыл он сомдукту сууруп берсе албай койгонун, анан койлорун, өзүн сүрөткө тартып кеткенин айтып берди.

— Ал кайсы тарапка кетти? — деп сурады жылкычы Мукаш.

Койчуман колун жаңсап тиги Кум-Бел тарапты көрсөттү.

— Гм, гм,— деди малчылар,— чынында эле мында кеп бар экен...

...Арадан үч-төрт күн өттү. Бирок, чоочун адамдын изи барган сайын дайынсыз жоголду. Изилдөө токтолгон жок, кайра күч алды. Буларга жардамдашуу үчүн айылдан участкалык милиционер баштаган адамдар да келип кошулду.

* * *

Кечинде кино келип калды. Жылкычы Мукаш, чабан Орозобек жана пионер Тимур ушул жерде болушту. Кино башталгандан тартып эле эл кинонун кызыгына батышты. Кино ортолоп калган, тигилер да кинонун кызыгына батышып капарсыз. Бир кезде кимдир бирөө шып этип ки-

рип келип, Тимурдун жанына отура кетти. Ал жалт карай берип өз көзүнө өзү ишенген жок. Ал тургай аз жерден кыйкырып жибере жаздады. Эмнегедир анын бүткөн бою калчылдап, колдору титиреп кетти. Мына, көптөн бери издеп жүргөн «чоочун адамы» эми анын катарында отурат. Баланын айласы кетти. «Эмне кылуу керек?» Же ушул жерден эле кыйкырып басып жыгылсамбы? Анын башына заматтын ичинде нечен түркүн ой келе калды. Тиги да түрүн жашырып, баягыдагы саксайган сакал-мурутун алдырып салыптыр. Бирок, бутундагысы, кийимдери, бою бардыгы тең өзү. Бала акырын жылып сыртка чыкты да, түз эле бөлүмдү көздөй чуркады.

— Көп жойлогон түлкү акыры капканга түшөт деген ушул,— дешти бөлүмдөгүлөр.

Бардыгы даяр болушуп, кинонун бүтүшүн чыдамсыздык менен күтүштү. Элдин эч нерсе менен иши жок, дуулдап кино көрүп жатышты. Кызык... Тиги адамдын эч кимден кооптонбой, жай баракат отурушу буларды аябай таң калтырды. «Бул ашкан амалкөй болуу керек?» — деп кооптонушту аны көзөмөлдөп отургандар. Кино бүтүп, жарык боло берди. Даяр турган тигилер заматтын ортосунда «чоочун адамды» курчап калышты.

— Көтөр колуңду! — деп Орозобек кош ооз мылтыгын тигини көздөй сунуп калды. — Ордуңан кыймылдабагын, болбосо...

Көз ачып жумгучакты тигинин колун артын көздөй толгоп байлап жиберишти.

— Бул эмне деген ээнбаштык,— деди тиги ачууланып...

— Үнүңдү чыгарбагын!

— Качам деп ойлобо!

— Эми сенин ишиң бүттү! — деген үндөр туш-туштан угулду.

— Кана, анда эмесе баскын! — деп Орозобек буюра сүйлөдү.

Аны түз эле бөлүмгө алып келишти. Шпиондун кармалгандыгы жөнүндө кабарланды. Көп узабай бөлүмгө милиционер Апсакун Бейшекеевич баш болгон оперативдүү группа да келип калды. Милиционер «чоочун адамды» көрөрү менен эле аны эмнегедир кучактай калды. Карап тургандар эмне болуп кеткенине түшүнбөй айран-таң болушту.

— Кечирип коюңуз, Александр Иванович, жаңылыштык бизде... — деп ал шаша-буша тигинин колун чечип жатты. Анан жанындагыларга кайрылып:

— Туугандар,— деди — биз чоң жаңылыштык кетирдик! Минтип, Александр Ивановичтин алдында катуу уятка калып отурабыз. Туугандар, Александр Иванович «чоочун адам» эмес эле, менин досум, кен изилдөө отрядынын инженер-чалгындоочусу. Кана, анда эмесе таанышып койгула!

Тегеректеп турган жылкычы Мукаш, чабан Орозобек жана Тимур баш болгон пионерлер өздөрүн ыңгайсыз сезишти. Уялгандан алардын жүздөрү тамылжып, кулактарына чейин кызарып чыкты.

— Кечирип коюңуз, Александр Иванович,— деди Орозобек колун сунуп — каталык бизден кетип калды.

Анан ал балдарды жактырбаган түр менен алая карап койду. Мунун артынан жылкычы Мукаш да кечирим сурады. Балдар да Александр Ивановичти тик карай алышпады.

— Кечирип коюңуз, агай!

Балдар биринен сала бири кечирим сурап жатышты. Ал эми Александр Иванович болсо:

— Кыраакы болгон жакшы, бирок аны билгичтик менен пайдалана билүү керек! — деди балдарды карап мээримдүү жылмая...

## ӨКҮНҮҮ



...Көптөн бери шаардамын. Жыл сайын туулуп өскөн айылыма келем. Быйыл да кезектеги отпускамды алып айылымды көздөй жол тартып келатам. Кубанычым коюнума сыйбайт. Туулуп өскөн жерин кимдер сүйбөсүн!..

Айылым демекчи... Ал атактуу Тянь-Шань тоолорунун коюнунан орун алган. Жайкысын биздин аймак жашыл бак-дарактарга бөлөнгөнү бөлөнгөн. Өзү да чоң өзөндүн кире беришинде. Кыштагыбыздын нары жагынан калың токой башталат. Токойдун башы тиги Ачык-Таш тоосунун этегине барып түгөнөт. Андан ары жалама зоолор, ак кар, көк муздуу чокулар башталат. Өзөндүн таманында болсо айлананы шоокумдатып, жайдыр-кыштыр үнүн баспаган чоң суу. Аны жээктей өскөн калың бадалдар, кадимки колдон жаралгансып тептегиз. Мунун учу болсо тиги төмөнкү шалбааны көздөй созулуп кетет...

ПБСТ

Белден аша бердик. Дүпүйгөн калың бактуу кыштагым көзүмө чалына түштү. Менин балалык чагым мына ушул жерде өткөн. Анын буртулдаган чаңдуу көчөлөрүндө жылаңайлактанып нечен жолу чуркагам, чыбык ат минип, көпөлөктөрүн нечен жолу кубалагам.

Тигине, бир кезде мен окуп бүтүп кеткен сүйүктүү мектебим. Аны айланта тигилген узун байтеректер менменсинип бойлорун керишет. Буларды биз окуп жүргөн мезгилде тиккенбиз. Аз убакыт өтсө да булардын дүпүйө чыгып, карааны бараандуу көрүнгөнүн көрүп жүрөгүм жылый түштү. Мектептин айланасында майда караандар жүрөт. Аларды көрөрүм менен тааный койдум, мектепте окуган окуучулар экен. Караандарынын көптүгүнө караганда танапистин убагы болсо керек...

Мектепке келдим. Сабак жүрүп жаткан экен. Адатым боюнча мектептин ичине кирдим да, түз эле зоология кабинетин көздөй бет алдым. Бактыма жараша ал ачык экен. Мынакей менин көрөйүн деп эңсеп келгеним... ал дагы адатындай мени жалдырай тиктеп турат... анын көздөрү да баягындагыдай эле аянычтуу. Бакырайган көздөрү менен мени жалдырай тиктеп, дагы эле жардам күткөнсүйт. Бирок, эми менден эмненин жардамы, бардык иш небак эле өтүп кеткен. Бул кайгылуу окуяга жалгыз гана өзүм күнөөлүү болгонсуйм.

Көпкө отурдум. Кайра-кайра ойлоно берип башым катып, өзүм да бук болуп кеттим. Терең үшкүрүнө ордумдан турдум да сыртка чыктым. Сабак аяктап, балдар тарап жатышыптыр. Мугалим болуп иштеген курбумду сураштырсам, үйүнө небак эле кетип калгандыгын айтышты. Бул жак элет жери эмеспи, бирин-экин чарбачылыгы бар-

дыр. Анысын тейлегени кеткендир деп болжодум. Тарап бараткан балдардын артынан түштүм да илкий басып, кыштакты көздөй бет алдым. Ошентип, көпкө чейин ойлонуп келе жаттым. Мындан бир нече жыл илгери жылт этип өтүп кеткен өкүнүчтүү бир окуя оюмдан кетпей мени бийлеп алды. Жолдо келатып, өткөндөгү ошол окуяны көз алдымдан чубуртуп келаттым.

* * *

...Жатактабыз. Быйыл жаз негедир кечигип келди. Ошондон улам болсо керек эртели-кеч күн суук. Күндүн көзү чыпкаланып ачылбаганына бир жумача болду. Эртең менен жер бетин кыроо басып, суулардын жээктерин кылаңгыр муз каптап калат.

Атамдын тоого аттанганына бир жумача болду. Анда жаан баштала элек болчу. Апамдын айтымына караганда эки-үч күндө эле келмек. Бирок, ал негедир кечиккенден-кечикти. Апам экөөбүз атамды келет деп кайра-кайра карай берип чарчадык. Апамдын санаасы алда кайда кетип, аябай тынчсызданганы сезилип турду. Бирок, мунусун мага билдирбеске канчалык аракеттенгени менен, мен баары бир билип эле турдум. Апам болсо ар кайсыны бир айтып мени алаксытат. Мен анысына көнбөй, сыртка чыгып атамды караганым караган.

...Жаандын аягынын ак жаанга айланышы бизди ого бетер чочутту. Бир-эки күндө басылып калар деген апам экөөбүздүн үмүтүбүз текке кетти. Тоонун жолдору татаал, кокту-колоттору, уйгу-туйгусу көп. Жолдун эки жагы чаптуу келип, секиртип өтмө жерлери да бар. Өзгөчө мындай

жаанда ал жактан кайтуу өтө опурталдуу. Бир адашсаң ишиңдин бүткөнү, буюгуп орду-түбүң менен жок болоруң да ыктымал.

...Жакында бир окуя болгон. Асан деген биздин айылдык адам жаанда тоодон түшүп келатып, ат-маты менен учуп кетиптир. Аты мерт болуп, өзү араң жан жатканда айылдагылар издеп жүрүп зорго таап келишкен. Ошондон улам ал жерди айылдагылар «Асан учкан зоо» деп атап коюшкан. Аны айылдагылар, ал тургай атамдын өзү да жакшы билет. Ушуларды ойлогонумда төбө чачым тик туруп, бүткөн боюм дүркүрөдү...

Чыракты өчүрүп, жаңыдан эле жаталы деп жатканыбызда сырттан дабыш угулуп калды. Аңгыча болбой кимдир бирөө эшиктин алдына келип токтоду. Аттын оозду гун кемирип, шылдыраганы угулду. Сыртка жүгүрүп чыктым. Атам экен. Тааный коюп сүйүнүп кеттим, ал атынан түшүп атын мамыга байлап жатыптыр. Атам сөзгө келбестен түз эле үйдү көздөй жөнөдү. Көтөргөн бир нерсеси бар. Жаандан улам эски кементайы, көрпө тебетейинин баары суу болгон. Кементайы колдоюп, атамдын денесине сыйбай өзүнчө эле бөлүнүп турду. Атам кирип келери менен эле кучактап алганын мага сунду.

— Муну сага алып келдим, уулум! Өлтүрө көрбө!..

— Бул эмне атаке?

— Азыр, көрөсүң!..

Аябай үшүп калган атам ушинтип айтууга араң жарады.

Атамдын ороп келгенин алып жерге койдум да ача салдым. Кандайдыр бир териси чымчык кара чаар келген узун кулак жаныбар «чыйк» этип секирген боюнча тура

жүгүрдү. Мындайды мурун көрбөгөндүктөн чочуп кетип, ордумдан тура калдым. Тиги болсо так секирген боюнча барып, узун кулактарын делдейтип жүктүн бурчуна тура калды.

— Уулум, бул ча-а-ар-чык! — деди, атам тишин калчылдатып.

— И-и, ботом, эликтин баласы го,— деди апам күйпөлөктөп. Ошондо гана анын кайсы жаныбар экенине көзүм жетти.

...Атамдын алып келгени менин эртели-кеч эрмегим болду. Анын жанынан чыкпайм да ар кайсы жерин кармалап сылайм, мурдунан, көзүнөн сүйөм. Анан кучактап көтөрүп алам да ары-бери басам. Ал болсо менден чочулап, жакшы көргөнүмө түшүнбөй тыбырчылай берет. Бошонууга аракеттенет, бирок бошоно албасын сезгенден кийин бир азга тынчтана түшөт да, кайра башынан тыбырчылай берет. Мен анысына болбойм да кайра башынан жонунан сылагылап үйүр алдырууга аракеттенем, тамактандырам. Ал болсо бергендеримди ичпей, башын чулгуп кежеңдейт. Мен баары бир болбой эле өзүмчө убаралана берем. Ооба, ошентем... антпесем ачка майып болуп калышы ыктымал...

Эртең менен эрте турдум. Сыртка чыктым. Күн басаңча тартайын деп калыптыр. Батыш тараптан да күндүн көзү буурул ала тартып, айлана шоолаланып ачылайын деп баратты. Бир аздан кийин жылт этип күндүн көзү көрүнө түштү. Үшүмбай-Булактын өзөнүн карай калдым. Ал жакта коюу караңгылык дагы эле болсо өкүм сүрүп турду. Акырындык менен анын арт жагындагы муздуу шиш чокулардын учтары бозоруп, жаратылыш жанданып келатты. Ал эми кечээ эле атам барып келген бөксө тоолордон

дарек билинбейт. Алар болсо өмүр бою жашынгансып коюу тумандын алдында көмүлүп жатты.

...Китеп кабымды асынып түз эле мектепти көздөй жөнөдүм. Коңгуроо небак эле болуп, балдар сабакка кирип кетишиптир. Мугалимден кечирим сурап кирдим да, партама барып отурдум. Мугалимибиз үнүн бир калыпта чыгарып, адатынча сабагын өтүп жатты. Класс тынч болгонунан улам чымындын дыңылдап учкандары да угулуп турду. Балдардын бардыгы тең кунт коюп сабак тыңшоодо... А мен болсом, тынчым кетип санаам үй жакта... атам алып келген чаарчыкта. Анын үстүнө эртең менен шашып жатып тамактандыра да албай калгам. Апама айтып коём деп шашып жатып эсимден да чыгып кетиптир. Кечээ кеч жатып, анын кесепетинен бүгүн да минтип сабактан кечигип отурам? Менин алагды болуп отурганымды баамдаган мугалимибиз бир кезде мени карап:

— Бүгүн эмне сабакты уккуң келбей калган? — деди.

Мен шар жооп айта албай кызара түштүм.

...Сабак бүтөрү менен үйдү көздөй тыз койдум. Каалга кыңайып ачылып калыптыр, аны көрөрүм менен негедир жүрөгүм шуу дей түштү. Каалганы шарт эткизе ачып, жүгүргөн боюнча үйгө кирип келдим. Чаарчыгым ордунда жок экен.

— Апаке, чаарчык канакей?

— Билбейм ботом, эми эле жатпады беле? — деп апам да чочуп кетти.

— Жатса кана?!

— Билбейм, ботом!

...Корообуздун тешиктери көп, жүгүрүп короого чыктым. Өткөн жылы жайында атам коён бага коём деп, ко-

роонун тамтыгын кетирип алганбыз. Коёндор бат эле төлдөп көбөйүп кетип, короону тешип тамтыгын чыгарып жиберишкен. Ошондон кийин гана атам алардан биротоло кол үзгөн болчу. Жылчыктарынын бир тобун шыбап койгонбуз, ошентсе деле корообуз дагы эле жылчыкчалардан куру эмес. Болгон тешиктеринин баарын карап чыктым, эч нерсенин дайыны билинбеди. «Сыртка качып чыгып кетти го» деген пикир да оюма келди.

...Аңгыча болгон жок, уя тараптан тооктордун ызы-чуусу угулуп калды.

— Кошунабыздын ууру ити дагы келген экен!..

Түз эле ошол жакка жүгүрдүм. Көп эле тоогубуз бар эле, күндө бирден тиштей качып жатып ал ит аягына чыкканы калган. Эми эки-үчөө калса, ага да сугун артып... Жетип келдим. Иттен чочулаган кызыл короз чекир көздөрүн тостойтуп, жаны-алы калбай кукулуктап уянын кырында турат. Эки мекиян болсо коркконунан улам тиги бактын бутагына чыга качыптыр. Колума таяк алып тооквананын оозун тосуп тура калдым. Ит эмес экен, тааный коюп сүйүнүп кеттим. Эңкейип карасам, чаарчыгым эки кулагын делдейтип, бакырайган көздөрү менен мени таңдана карап калган экен...

Күндөр чубап өтүп жатты. Чаарчыгым чоңоё берди. Моюну койкоюп, жүндөрү жылтылдады. Чымчык чаар кара тактары да бармак басымдай болуп чоңойду, куйрук жагы агара баштады. Көргөндөрдүн көзү түшүп, сурагандар да болбой койгон жок. Анда атам сурагандарга:

— Кадырыңыз жан болсун, муну атайылап балама белек кылып бергем! — дей турган.

Анын ушинтип айтканы мага өзгөчө жагат. Чаарчыкты

биреөгө гана бербестен, көрсөтүүдөн да кызганам. Ал бара-бара мага аябай үйүр алып кетти.

...Сабак жаңы эле башталган. Мугалимибиз өтүлүүчү сабактын темасын доскага жазып жаткан. Аңгыча болбой эле каалга тыкылдап калды. Баарыбыз тең эшик жакты жабыла карап калдык. Алек болгон мугалимибиз эшиктин тыкылдаганын уккан жок. Каалга да кайра башынан тыкылдады.

— Да, да... Кире бергин! — деп мугалимибиз эшик жакты карады.

Бирок, тиги адам кирбестен дагы тыкылдатты. Мугалимибиздин да ачуусу келе түштү:

— Кир дегенден кийин кире бербейби!..

Аңгыча эшик бир аз кыңайды да тиги тыкылдаткан неме шып этип кирип келди. Класс дуу дей түштү. Коркконунан мугалимибиз төргө чыга качты. Карай салсам менин чаарчыгым экен. Жүгүрүп жетип, кучактап көтөрө калдым. Мурун мындайды көрбөгөн эжейибиз эмнегедир өзүнчө коомайланып турду.

— Бул эмне? — деди Анна Павловна мага кайрылып.

— Чочубаңыз, Анна Павловна,— дедим мен,— бул менин чаарчыгым.

Ал түшүнө бербей кайра сурады:

— Эмне деп айттың?

— Бул эликтин баласы,— деп, алды жакта отурган курбум Дайырбек ага түшүндүрө кетти.

— Ой-ий, татынакай тура! — деп Анна Павловна менин жаныма басып келди да, чаарчыктын жонунан сылагылап эркелете баштады.

...Дем алыш күн болчу. Короодо китеп окуп отургам.

Чаарчыгым болсо жылуу тийген күнгө кактанып маашырлана короодо өйдө-төмөн секирип ойноп турган. Эч нерседен капарсыз элем. Бир кезде үйдөн апам чакырып калды. Короонун эшигин бекитпестен үйгө кирип кетип, азга кармалып калдым.

...Бир кезде... бир кезде дүбүрттөгөн үн угулду да бир нерсенин «чыйк» эткени кулагыма шак дей түштү. Карай салсам, чаарчыгым түйүлгөн боюнча короонун дубалынан аша секирип бараткан экен. Жүгүрүп сыртка чыктым. Жарым чакырымча жерде чаарчыгым так түйүлгөн боюнча көзгө илешпей учуп барат. Кошунабыздын ити анын артынан кубалап алыптыр. Кыйкырган боюнча мен да алардын артынан жүгүрүп бараттым. Аздан соң экөө белди ашты да көздөн кайым болду...

...Жолго чыккан үчөөбүз. Мен, Бейшеке, Дайырбек. Бүгүн күн мурункусундай болбой айлана алай-дүлөй тартып, бүркөлүп калыптыр. Мындайда биздики жактагылар жаан болот деп жорушат. Үчөөбүз түз эле Чотур абамдын үйүн көздөй жөнөдүк. Чотур абам демекчи... Ал Бейшекенин жакын туугандары. Ары албеттүү, кайраттуу, чымыр адам. Анын тоодо жүргөнүнө эч ким жетпейт. Өрдү-өр, асканы аска дебей эле кете берет. Көзгө атар мерген. Кезегинде аюу менен кармашкан деп эл арасында кеп кылып жүрүшөт. Ошондон болсо керек беттеринде тырыктары бар, аюу чайнап койгон имиш...

Бейшеке да агасындай болуп карылуу, ар ишке шыктуу. Мергенчилик дегенде ал да жамбашынан жата калат.

...Мергенчи Чотур абамдыкына келдик. Ал тайгандарын ээрчитип үрөң-барандан эле аттанып кетиптир.

* * *

...Дигер бешимде Айгыр-Жалдын жонуна чыктык. Көп жерди кыдырып, аябай чарчадык. Курсактарыбыз да ачты. Тамак да ала чыкпаганыбызды ойлоп аябай өкүндүк. Көп жерди кыдырсак да эч жерден таба албадык. Акыры айлабыз кетип түңүлдүк. Аягында Айгыр-Жалдын оюна түштүк да, дагы бир сыйра карамакчы болдук. Ал жердин көкту-колотунан эч нерсе калтырбай дагы кыдырып чыктык. Бирок, чаарчыктын эч жерден шеги, изи да билинбеди. Айлабыз кеткенде биротоло түңүлүп, сууну жээктеп төмөн карай түшүп келаттык. Суу жээктеп келатып, мергенчи Чотур абама кокусунан жолугуп калсак болобу. Баарыбыз тең сүйүндүк. Ал суунун жээгине от жагып коюп жылынып отуруптур. Ал да бизди көрөрү менен эмнегедир сүйүнүп кетти.

— Атаганат, ырас болбодубу. Мергенчи абаңардын колунан да даам ооз тийип калгыла. Дайырбек, барып тиги таңылчакты көтөрүп келе койчу, таш кордо жасап берейин!..

— Таш кордо? — Дайырбек түшүнө бербеди.

— Ооба, таш кордо!.. Аны азыр көрөсүңөр! — деп кумпуңдады.

Биз өзүбүздүн дартыбызды айта электе эле ал ушинтип калды. Капты көтөрүп келаткан Дайырбек бир кезде капты ыргытып жиберип чаңырып жиберди:

— Шакин, чаарчыгың мынакей!.. Мынакей!..

Жетип барып капты ача салып, өзүм да шалдая түштүм. Анын ичинде менин жанымдай көргөн чаарчыгым өлүп жаткан экен. Терисинин баары кызыл ала кан, ок

көөдөнүн аралап өтүп кетиптир. Анын бакырайган чоң көздөрү небак эле түбөлүк уйкуга кеткен. Эмне деп айтарымды билбей, бүткөн боюм дүркүрөп, колдорум калчылдап кетти. Көзүмө жаш ала тигини карап кыйкырдым:

— Аба, ушуну аткычакты ташты эле атып калсаңызчы?!

— Эмне?! — деп Чотур мергенчи чок басып алган арстанча ордунан кыйкырып турду.

— Эмне дейсиз да! Карачы бул эмне кылганыңыз!

— Бул Шакиндин багып жүргөн элиги болучу. Качып кеткенинен улам издеп келатканбыз!

— Ыя, кокуй алат десе! — деп ал өз санын чаап алды,— мени кудай урганда...

Мергенчи Чотур абам да селдее түштү. Эликти жалдыраган боюнча көпкө карап турду: — Сакалым өрттөндү ээ!..

«Эми атама эмне деп айтам!» Ушундай кайгылуу санаа барган сайын бүткөн боюмду ичиркентип, муун-жүүнүмдү бошотуп барат...

...Мына менин силерге айтайын деген өкүнүчүм. Ушул кайгылуу окуя дагы эле менин эсимен такыр кете элек. Ошондо чаарчыгымды катырып туруп, эстелик катары мектепке өткөрүп бергем. Ал азыр да ошол жерде сакталып турат.

## ИТЕЛГИНИН МЕРТИНИШИ



Көптөн бери шаардамын. Айылга анда-санда гана келем. Бир жолу отпуска алып, туулуп өскөн жериме келип калдым. Айыл таанылгыс болуп өзгөрүптүр. Баягыдагы жепирейген токол тамдардын бири да жок. Бардыгы заңгыраган, тунукеленген үйлөр. Көчөлөрүндө Ильич шамы жаркырап күйүп турат. Жол боюндагы мырза теректер шоодурап, тээ алда кайдан асман менен бой тирешет.

Автобустан түштүм. Көчө менен жогорулап келаттым. Бул аймак кечээ какыраган ээн талаа эмес беле. А бүгүн такыр эле башкача. Он жылдык мектептин, кеңсенин, клубдун имараты алыстан заңкаят.

Азга токтоп кыштак ичине көз жүгүрттүм. Татынакай кийинип, китеп кабын асынып, кызыл жагоо тагынган балдар мектепти көздөй чубап баратат. Аларды көрүп ичим аябай жылыды. Таалайлуу замандын бактылуу балдары деп силерди айтуу керек. Бурулуштан имериле бердим. Тоо тараптан соккон жазгы жел ойноктоп, мээримдүү энеден бетер бетимен аймалайт.

— Ассалом алейкум! — деген үн капыстан угулду.

Чочуп кетип жалт карадым. Каптал жагымда ат жетелеген карыя туруптур. Тааный койдум, айылдагы Көбөй деген карыя экен. Карыяны байкабай калганымды ойлоп уяла түштүм.

— Аба кечирип коюңуз! — уялганымдан жер карадым.

— Эч нерсе эмес, уулум. Эч нерсе эмес...

Колумду сунуп карыя менен учураштым. «О, чиркин, мезгил дегениң учкан куштай зымырап учкул белем». Карыянын кебетесин көрүп зээним аябай кейиди. Кечээ жакында эле бул адам кандай эле? Уюткан темирдей чымыр денелүү, бетинен каны тамган нурлуу жүз, алгыр бүркүттүкүндөй өткүр көз, тоону томкоруп жибере турган жигит курагы эмес беле... Ал эми азырчы? Башы мулжуюп, чачы көгала, көздөрү үңүрөйүп чарасына кирип, жаактары калжайып, далысы бүкчүйүп, карылыкка биротоло моюн сунуп калыптыр. Убагында Көкөмдүн даңкы алыска кеткен адам эмес беле. Саяпкерлигин, укмуштуудай мүнүшкөрлүгүн кимдер укпаган да, кимдер көрбөгөн. Убагында Көкөм бир манап менен мелдеше кетип намыс үчүн түнүндө кармалган кушка эртесинде кыргоол алдырган деп, айыл-ападагылар алиге чейин даңазалап айтып жүрүшөт.

Көбөй абамдын атын алып бастырмага байлап, үйгө кирдик. Төрдө Бүбү чоң энем жүн тытып олтуруптур. Ал биздин келгенибизди сезген да жок. Кыясы бир нерселерди ойлоп, өзүнчө кыялданып олтурса керек.

— Саламатсызбы чоң эне! Күүлүү-күчтүү турасызбы? — деп салам айтып калдым.

Бейкапар олтурган чоң энем айткан саламымды кабыл алуунун ордуна кайра мени таңгала карап калды. Анан колун маңдайына серепчилеп, бушүркөй мени көпкө карады.

— Ботом, өңүң эле жылуу учурайт, сен кайсы баласың? — деди ал.

— Чоң эне, мен Сабырдын баласы боломун,— деп жооп бердим.

— Сабырдын дейби? —деди ал абышкасына кайрылып.

— Ооба, тиги Чоң-Туздун оюндагы Сабырдын баласы болот,— деп түшүндүрдү абышкасы,— алжыганың ошол, өз балдарыңды тааныбай калып...

— А, катыгүн карыганыбыз ошол,— деп чоң энем бир ирет терең улутунуп алды,— эми биз жашпызбы...

Ушул учурда үй ичин жымжырттык каптады. Ошондон улам Бүбү чоң энемдин согушта окко учкан Абакир, Жумакадыр деген уулдары эсиме келе калды. Қайран гана жалындаган, эр жүрөк уулдарыңар ушул күндө тирүү болсо силердин кабагыңар да ачык болбойт беле.

— Бо, атың ким эле уулум? —деп чоң энем капыстан сурай кетти.

— Атым Шакир, чоң эне,— дедим.

— Ооба, ооба, Шакир эмес беле,— деп чоң энем жандана түштү. —А, катыгүн, алжыйт деген ушул. Қолуң менен эле чоңойткон балдардын атын билбей... Уулум, үйлөнө элексиңби?

— Жок чоң эне... Окуп жатам.

— Туура кыласың уулум, окуп ал. Үйлөнгөн кайда качмак эле...

Күлкүм келип турса да, байбиченин азыркы абалын көрүп зээним кейиди. Убагында тал чыбыктай буралган, узун колоң чачы толорсугуна жеткен, ушул аймактын сулуусу болучу. Жаанга жуулган жүзүмдөй капкара көздөрү караган адамдын жүрөгүн тыз эттирбей коё алчу эмес.

— А, атаңдын көрү,— деп бир кезде мындан бир нече жыл илгери өтүп кеткен кайгылуу окуяны элестете кетти

чоң энем,— Абакирим менен Жумакадырым тирүү болсо, эми очор-бачар болуп, балдары мектептен окуп жүрүшпөйт беле,— деп терең улутунуп алды да, эмнегедир жашый түштү.

Каны качып, тарамыштары бадырайып көрүнүп турган каржайган арык колу менен көзүнүн жашын кайра-кайра сүртүп, жерди телмире көпкө тиктеп турду.

— Тагдырга айла жок тура,— деди улутунуп...

— Болду эми, көп эле бышактай бербей,— деди кайраттанып Көбөй абам, канткен менен эркек эмеспи. — Андан көрө балага чай алып кел, даам сызсын...

— Ыракмат, жөн эле коюңуз.

— Кой болбогон кепти, куттуу үйдөн кур чыккан кантип жакшы болсун.

— Оо, эсиңе жара чыккырдыкы, аны унутуп калган турбайымбы,— деп чоң энем куйпөлөктөй кетти.

Тамактандык... Көптөн бери Көбөй абама жолугуп, маектешип бир кумардан чыксам экен деп, самап жүргөн элем. Минтип көктөн издегеним жерден табылгансып, өзүмчө купуңдап сүйүнүп отурам.

— Көбөй аба,— дедим бир кезде ага кайрылып,— сизди ителгиге төө алдырган деп айтып жүрүшөт. Ушул чынбы?

Көбөй абам мыйыгынан жылмайып койду.

— Аны кимден уктуң?

— Элдин баары эле айтып жүрүшпөйбү?

— Ээ уулум, ителги кайдан төө алсын,— деди ал андан ары сөзүн жөнөтүп,— бирок алардын айткандарынын да анча-мынча чындыгы бар.

— Аба, айтып берсеңиз,— дейм кайра-кайра өтүнүп.

Ал көпкө чейин үн-сөз дебестен, жерди карап өзүнчө тунжурап олтурду. Анан көптөн кийин барып башын жогору көтөрдү да үнүн жасап алды.

— Эми уулум, болбостур. Айтса айтып берейин,— деп өзү да көңүлдөнө түштү.

Аңгеме башталды.

...Анда күчүм ташкындап турган жигит курагым. Чоң атабыз Лепес башынан мүнүшкөр адам экен. Анын өмүрүнүн көпчүлүгү ит агытып, куш салуу менен өткөн. Ары сөзмөр, тамашакөй, санжырачыл адам эле. Бирөө менен сөз талашып, айтыша келгенде оңой менен алдына адам салган жан эмес. Чоң атам мага ар убак акыл-насаат иретинде:

— Балам, ит агытып, куш салган ата-бабадан калган салт. Намыс көрбөй үйрөнүп ал, келечекте анын зыянын көрбөйсүң,— деп айтып калчу.

Чынында чоң атам Лепес жалган айтпаптыр. Турмушта мунун көп эле жолу пайдасын көрдүм. Айылыбызда Ашыркул деген мукур киши бар болчу. Менден эки жаш улуу болучу. Өзү жеткен керооз, какшыкчыл, бирөөгө тийишмейинче тура албаган жан эле. Басса-турса арамза, бирөөгө жамандыктан башка жакшылык каалоочу эмес. Анын дагы бир жаман адаты, баягы илгери айткан «Чык татырбас Чынарбайдан» да кем эмес эле. Экөөбүз беттеше келгенде мага тийишмейинче тура алчу эмес.

— Бо сени, ашынган мүнүшкөр деп, көпчүлүк ооз көптүрүп мактап жүрүшөт. Андай кыйын болсоң өнөрүңдү мага бир көрсөтчү! — деп калды күндөрдүн биринде мага адатынча тийишип...

«Буга бир сыр көрсөтөйүн»,— деп өзүмчө ойлонуп кал-

дым. «Кандай сыр көрсөтсөм болот?» Көпкө ойлондум. Акырында анын да жообу табылды. Зоокадагы уядан алып келген балапан ителгими таптай баштадым. Жемди дайыма төөнүн буйласына байлап берчү болдум. Ал бат эле үйрөнүп кетти. Сыртка чыгып ителгинин томогосун тартсам эле төөнү көрсө жулунуп калат. Бир кызык окуя башталарын өзүм да сезип жүрдүм. Айылда бир бакырчаак төө бар эле. Кичине эле буйласынан силкип койсоң бакырып чөгө калчу. «Эмнеси болсо да төө алдырганга мелдешейин»,— дедим...

Мелдешкен күндүн мөөнөтү да келди. Дүрбөгөн калың эл дөбөгө чогулушту. Ителгимди колума кондуруп мен дагы келдим. Уятка калбасам экен деп ичимен кыпылдайм. Ашыркул элдин алдына чыгып жарыя кылды:

— Ой чогулгандар, береги немеңер колундагы чымчыгы менен төө алдырам деп мактанып жатат. Мелдеш аябай чоң. Төө алдырса мөрөй аныкы, алдыра албаса меники. Баарыңар өз көзүңөр менен күбө болгула, калайык калк!..

«Эми ишим оңунан чыга көр!» — деп ителгимдин томогосун тартып алдым. Төөнү көрөрү менен эле ителгим асманга атып чыкты. Бир топко жогорулап көтөрүлүп барып, анан топтоголок болуп көрүнбөй калды. Кокус башка бир аңды көрүп, ошол жакка салып уруп кубалап кетпегей эле деп чочуп да турдум. Аздан кийин асмандан шуулдаган үн угулду. Карасам, ителгим төмөн карай шукшурулуп сайылып келаткан экен. Аңгыча болгон жок, бир ирет төөнүн үстүнөн кайкып өтүп, жана асманга көтөрүлдү. Элдин баарынын көзү ителгиде, эмне шумдук башталат дешип... Аңгыча болгон жок, шуулдаган үн төбөдөн кайра угулду. Карасам кайран ителгим топтоголок болуп,

төөнү качырып келаткан экен. Көз ачып жумгучакты болбой, шып эле төөнүн буйласына жармаша калса болобу. Капарсыз турган төө чочуп кетип, бакырып-бакырып алды да чөгөлөй калды. Дуулдаган калың эл мени заматта көтөрүп кетишти. «Ителгиге төө алдырган»,— дешип элдин айтып жүргөнү ошондон.

— О-ого, анда ителгиңиз укмуш тура,— дедим карыяны мактай.

— Ээ уулум, аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы,— деп Көбөй абам өзүнчө сыймыктанып койду,— мындай алгыр ителгини турмушумда биринчи көрүшүм. Куш да салдым, бүркүт да таптадым. Мындайды өмүрүмдө көргөн эмесмин, убагында аны менен тоодак алдырган күнүм да болгон.

— Тоодак? Ушул кичинекей ителги да тоодак алат бекен? — таңгала сурадым.

— Тоодакты быякка кой, уулум. Ал убагында бүркүттүн да төшүн жара тепкен.

— Бүркүттүбү? Кантип эле чоң ата? — деп ишене бербедим.

— Ээ балам, ушул куракка келгенде сага эмне калп айтмак белем.

Аңгеме кайра уланды.

...Жума күн болучу. Адатымдай эле ителгимди колума кондуруп алып, Куу-Мамы өрөөнүн көздөй жөнөп калдым. Күн сууктап, кар кыламыктап жаап турду. Бир топ жерди кыдырып, арылтып өттүм. Дегеле мындайда эч нерсе жолукпайт. Күндө бырпырап алдыман уча каччу чил, кекилиги да көрүнбөйт. Көңүлүм чөгүп, Куу-Мамыны арылтып бүтүп, багытымды эми Сары-Камыш тарапка бурдум. Бул жактын коёндору көп боло турган. Келген

сайын кур кол кайтчу эмес элем. Анын үстүнө быяктын кокту-колоттору көп, додо болуп үйүлгөн камгактары, тикенектери, чийи да калың. Алыстан караган адамга коктуда додо-додо болуп үйүлүп турган камгактары кадимки эле боз үйдү элестетет. Канаттуулардан корккон, түлкүдөн качкан коёндор булардын ичине кирип кетип таптырбайт. Санаамды бөлгөн бир гана ой: «Эми үйгө кур кол кайтамбы? Эң жок дегенде чил болсо да ырым кылып ала кетсем жакшы болбойт беле?»

Сары-Камыштын кыры менен төмөн карай урдуртуп келатам. Анда-санда тикенек, чийлердин арасын тинтип, табыш да берем. Бирок, дагы эле болсо эмгегим текке кетүүдө. «Ушул тараптан чыгып калар?» — деген үмүт менен коктунун аягындагы калың тикенектүү жайыкка бурулдум. Чын эле ойлогонумдай болсо болобу. Чоң түп тикенектин түбүнөн бир коён булт этип кача берди. Сүйүнүп кеткенимен ителгинин томогосун кандай тартканымды да билбей калыпмын. Көптөн бери зарыгып, ээлигип калган ителгим коёнду көрөрү менен асманга атып чыкты. Мен болсом кер кашкама үстөккө-босток камчы уруп, айкырып чаап бараттым. Коён бирде булт эте көрүнө калып, бирде жерге жутулуп кеткенсип жок боло түшүп, жанталашып качып барат. Күүлөнүп келип ителгим бир ирет коёнду тээп өттү. Бирок, жаза тээп калды окшойт, коён жыгылган жок. Барган сайын менин айкырыгым таш жарат.

Кайдан-жайдан экенин билбейм, бир кезде асманда бозум бүркүт пайда болду. Аңгыча болбой бүркүт менен ителги коёнду талаша кетсе болобу. Кызыгың куру... Бүркүт бир ирет ителгини качырып сала берди. Ал жеңил эмеспи, көз ачып жумгучакты бүркүткө караандатпай ас-

манга атып чыгат. Бүркүт бир мандем кылып коёбу деп ителгимден чочуйм. Бирок, ителгим да өжөрлөнүп алыптыр, бүркүттөн жазганган жок. Андан качып кутулуунун ордуна кайра бүркүт менен текөөрлөшүп тебише кетсе болобу.

Кармашуу башталды... Ителгим да өжөр көрүнбөйбү, бүркүттү эки-үч жолу тээп өттү. Бирок бир топко чейин бирине-биринин оңтоюу келген жок окшойт, тебишкенден тебише берди. Ителги куушурулуп качырып келатканда бүркүт чыркырап чалкалай калып, буттарын тарбаңдатып тосо коёт. Ителги болсо андай учурда кайып өтөт. Кыясы бүркүттүн чоң чеңгелине туш келсе, өзүнүн соо калбастыгын билген көрүнөт. Ителгим кайра-кайра күчөп качырат. Байкасам, бүркүт барган сайын качыңкырап бараткансыйт. Куштардын минтип айыгышып калганын өмүрүмдө дегеле такыр көргөн эмесмин. Бир кезде ителгим көрүнбөй калды. Бүркүттөн коркуп качып кетти го деп чочулай түштүм. Аңгыча болбой төбө жагымдан шуулдаган үн угулду. Карай салсам ителгим топтой тоголок болуп төмөн карай шукшурулуп келаткан экен. Көз ачып жумгучакты болбой бүркүттү дагы бир ирет тээп өттү. Кызыгың куруп кал... Калдайган чоң канаттуу бозум муштумдай болгон ителгинин тепкенине туруштук бере албай калдаңдап төмөн карай куласа болобу. Бүркүт кулаган жерге чаап жетип келдим. Шордуу бозум канаттары жайылып, тумшугу менен жер сайып жан бериптир. Кармалап көрсөм кайран ителгим бүркүттүн далысын жара тээптир. Бүркүттү канжыгама байлап, айылды көздөй жол тарттым.

— О-ого, ителгиңиз укмуш экен го? — деп чынында эле анын эрдигине таңгалдым.

— Ителгиме айла жок болучу,— Көбөй абам сыймыктанып койду.

Анан эмнегедир терең улутунуп алды. Чакчасын чөнтөгүнөн алып чыгып, тизесине ургулап бир атым насыбайды алаканына салды да эрдин ачып туруп кагып жиберди. Анан тилинин учу менен ары-бери имерип булдуруктатты.

— Бирок, кийин кокусунан ителгимден ажырап калдым,— деди карыя өзүнчө терең күрсүнө.

— Кандайча?

— Аны айтып олтурса өзүнчө эле бир жомок,— деп улутунуп койду карыя. —Аны ойлосом азыр да ичим күйүп кетет.

— Ка-ап, аба жаман болгон экен ээ,— дедим мен дагы карыянын кайгысына тең ортоктош болуп. — Бирок, кайгырган менен эмне. Болор иш болгон турбайбы, андан көрөкчө айтып берсеңиз.

— Аны курсакка катып кетип, эмне кылмак элем,— деди сөзүн жөнөтүп Көбөй абам,— анда айтып берсе айтып берейин...

...Мезгил кеч күз. Күн сууктап, арык бойлорундагы суулардын жээгин кылаңгыр муз каптап калган убак. Эрте туруп керкимди колго алып, ителгиме жаңы туур жасап олтургам. Аңгыча ит үрүп калды. Сыртка чыксам курбуларым Дайыр менен Ишенбек экен. Үйгө кирип даам сызды алар. Ителгимдин кызыгын көрөбүз дешип, биздикине атайы келишиптир. Ителгимдин табы жок эле, мурунку күнү ак жемге аябай тойгузуп койгом. Мындайда ителгини салууга болбойт. Бирок, алардын жалынып-жалбарганынан улам ууга чыгууга аргасыз болдум.

Атымды минип, ителгимди колума кондуруп Мыкан суусун көздөй жөнөп калдым. Бул жакта өрдөк, кыргоол, коён көп. Жери саз келип, чымдуу. Канаттуулар түнөктөп, сүзө турган көлмөлөрү да бар. Биз үйдөн аттанганда эле күндүн көзү чыпкаланып, жаап жиберчүдөй болуп китирейип турган. Мындай күндөрдө куш салууга өтө кыйын, аңдар бат эле жазгырып кетет. Бирок, айла канча, атайы келишкен соң, ителгинин бир кызыгын көрүп кетишсе деп чечтим. Мыкандын жээгине келгенибизде күн шыбыргактатып жаап кирди. Анан анын арты карлай баштады. Үчөөбүз катарлаша бастырып келаттык. Экөө эки жагымда, аралыгы бир бута атым жердей, ортосунда менмин. Эки-үч жолу өрдөк учту. Аралыгы алыс болгондуктан ителгимдин томогосун тартканым жок. «Коё берсең болмок», — дешип, тиги экөө өздөрүнчө күңкүлдөп да келатышты. Мындай борошологон карда олжого ээ болмок түгүл, ителгимден кол жууп калышым да мүмкүн эле. Өрдөктүн артынан сая түшкөн ителги туманда таптырбай буюгуп, адашып кетиши да ыктымал.

Жайма-жай бастырып келаттык... Мыкандын аягына жакындайлы деп калганбыз. Өрдөктөр дагы эле болсо алыстан каркылдап уча калып жатышты. Көп канаттууларга караганда өрдөктөр өтө сак келет окшобойбу. Өзөндүн аягы тикенектүү, коёндордун жатактары көп. Келген сайын бул жактан дегеле кур кол кайтчу эмесмин. Бир коён чыкса дегенде эки көзүм төрт. Атайы келген соң курбуларым бир кумардан чыкса, ителгимдин өнөрүн көрсө деп ээлигем. Байкабай калыпмын, бир кезде Дайыр колун булгалап кыйкырып калды: — Коё бер, ителгини, коё бер!..

Карай салсам бута атымдай жерде бир коён чымын-куюн болуп качып барат. Шаша-буша ителгимдин томогосун тарттым. Ителги коёнду көрөр замат асманга атып чыккан жок. Эмнегедир бир-эки жолу айлана калды да анан асманга көтөрүлдү. Бирок, анын мурун минтип коён качырганын көрө элек болчумун. Ал аңды көрөр замат эле асманга атып чыкчу. Үчөөбүз үстөккө-босток аттарга камчы уруп, айкырган боюнча коёндун артынан чаап жөнөдүк. Ителгим бир-эки жолу куушурулуп качырып келип, коёнду теппестен кайра асманга атып чыкты. Анын көңүл кош болуп турганын сезе койдум. Баары бир иш кеч болуп калды, бөпүлөп чакырсам да келе турган эмес. Бир кезде тоголок топтой болуп араң эле көрүнүп калды. Анан төбөдөн шуулдаган үн чыкты. Карай салсам ителгим типтик сайылып, коёнду качырып келаткан экен. Сүйүнгөнүмдөн улам үнүмдүн бардыгынча кыйкырып, чаап баратам. «Буюрса эми ыргыта тепти го», — деп ойлодум. Көп узабай ителги коёнду тээп калды. Анан ал заматтын ортосунда көрүнбөй калды. Коёнду ыргыта тээп, адатынча көзүнүн сугун арта дагы бир таштын үстүндө конуп олтурган чыгар деп, чаап жетип келдим. «Коён кайсы жерде ак боор болуп сулап жатты экен», — деп издей кеттим.

— Тигине, коён качып баратпайбы? — деп бир кезде Ишенбек мага карап кыйкырып калды да, колу менен алды жакты көрсөтө кетти. Карай салсам, чын эле коён бет талашып качып баратат. Чочуп кеттим. Бул эмнеси? Ителгим кайда? Ителгимдин коён болсун, кыргоол болсун мындайда жаза кетиргенин эч качан көргөн эмесмин. Өз көзүмө ишенген жокмун. Алыштын жээгинде ителгим

боортоктоп жатып калыптыр. Аттан ыргып түшүп, колума ала койдум. Ителгим чала жан, бир буту калып экинчиси жок. Чочуп кетип, эки жагымды кайсалап карап жатам. Мына укмушуӊ кургур. Ителгинин бир буту арыктын кырындагы чымга сайылган боюнча жулунуп кетиптир. Демиккен ителги кайра-кайра көөдөнүн согуп, оозун ача капкара көздөрү менен мени жалдырай карап, жардам сурагансыйт. Эми менден эмненин жардамы болсун. Күнөөлүү өзүм экенимди ойлоп, өзүмдү кайра-кайра жекирем. Ичим ачышкандан улам аз жерден ыйлап жибере жаздадым. Сааттай болуп, тиги экөөнүн бүгүн келип калганын карабайсыӊбы. Ошолорду кыйбай, бүгүн минтип ителгимден ажырап олтурам. Алар менен кер-мур айтышып, урушкум да келип кетти. Бирок, баары бир андан не пайда. Ошондогу ителгимдин кайгылуу окуясы азыр да күнү бүгүнкүдөй эсимде. Кайран гана алгыр ителгим...

Көбөй абам жалгыз уулунан ажыраган карыптан бетер көпкө дейре тунжурап жер карады. Анын нурлуу жүзү заматта купкуу болуп өзгөрүп, жаак эттеринин тарамыштары бүлкүлдөп, тиштери кычырап кимдир бирөөлөргө жини келгенсип кетти. Ошондон улам мындан бир нече жылдар илгери өтүп кеткен Көбөй абамдын кайгысын мен дагы кайра башынан көз алдыма элестетип, зээним кейип турду.

— Анан эмне болду? — мен капыстан муӊкана сурай кеттим.

— Эмне болмок эле, үйгө алып келип дарылап көрдүм. Бирок, кансыраган ителгим эки күндөн кийин өлүп калды, — деп улутуна аӊгемесин аяктады Көбөй абам.

# ЖАЛГЫЗ ТҮП АРЧА



...Мезгил толукшуган жай. Бет алдыбызда чубалган чарык жиптей болуп, асфальт жол тасыраят. Биз түшкөн автобус жүргүнчүлөрдү бир калыпта термелтип коюп, батышты көздөй сызып барат. Күндүн аптабынан жүзүбүздөн мончоктоп тер агып, жүдөп баратабыз. Жүргүнчүлөрдүн көбү көшүлүп уйкуга кетсе, айрымдары терезе аркылуу тээ алыскы улуу тоолорго суктана карашат. Автобустун алды жагынан орун алган карыяга аябай убал болду бейм, алка-шалка терге чөмүлүп айласы куруп келатат. Алгыр бүркүттүкүндөй көзү жайнап, нурлуу жүзүнөн каны таамп, баскан-турганы өтө эле тың. Карыяны көрөрүм менен эле анын элеттен келгенин жазбай баамдадым.

— Ой, ысыгың куру, тим эле адамды эритип жиберет ко, — деди карыя бир кезде наалый.

Чоң капчыгайды өрдөй бердик. Канткен менен өзөндүн ичи салкын экен, азга жүргөндөн кийин сергүүндөп жыргай да түштүк. Карыянын кебетесине караганда тегин адамдардан эместиги байкалат. Бир нерселерди кобурап жанындагыларды күлдүрүп келатат. Анда-санда гана карыянын «бүркүт», «томого», «карышкыр», «түлкү» дегенин кулагым чалып калат. Мына ушундан улам карыяны мүнүшкөр адам болсо керек деп болжоп койдум.

Бешим ченде чоң асканын түбүнө келип токтодук. Ушул азыр да Чүй боорунда ак төөнүн карды жарылып, бе-

рекеси төгүлүп турса, бул жакта жай белгиси жаңыдан башталган сыяктуу. Чөбү көк майсаң тартып, гүлдөрү жаңыдан эле бүрүн ачкан. Жүргүнчүлөр эс алганы автобустан жерге түшүштү. Аларды ээрчип мен дагы түштүм. Өзөн боюндагы суунун жээги тим эле килем төшөп койгонсуп адамдын көз жоосун алат.

Карыя менен тааныштым. Ошондо гана эсиме түштү... Өткөн жекшембиде шаардагы ипподромго барганбыз. Эл аябай көп чогулуптур. Ат чабыш, жорго салдырыш, кыз куумай сыяктуу улуттук оюндар болду. Анан кезек бүркүт, куш салууга берилди. Тор кашкасынын үстүнө чыкыйып олтуруп, колуна лөкүйгөн карала бүркүттү кондурган ушул карыя бир кезде калың топтон бөлүнүп, алдыга чыга келди. Бир кезде тордун ичине камалып турган карышкырды коё беришти. Карыя бүркүтүнүн томогосун тартты да, качып бараткан карышкырды көздөй шилтеп калды. Жанталашкан карышкыр улам артын кылчак-кылчак карап качып барат. Карышкырды көргөн бүркүт ошол замат эле асманга атып чыкты. Бир кезде төмөн карай куушурулуп, карышкырды качырып сала берди. Заматта бүркүт менен карышкыр экөө будалаша түштү. Канчалык аракет кылып жанталашканы менен карышкыр бүркүттүн курч тырмагынан бошоно албады. Бүркүт бир буту менен карышкырды жондон, экинчиси менен тумшугун капшыра кармаптыр. Казганактап турган калың эл дуулдап, шатырата кол чаап жиберишти...

— Бая күнү бүркүтүңүз тим эле карышкырдын сазайын берди го! — дедим карыяны сөзгө тартмакка.

Ал эмнегедир мени бир ирет жалт карап алды.

— Ээ уулум, ал эч нерсе эмес, — деди сыймыктана. —

Көргөнүңдөн көрө элегиң көп турбайбы. Бүркүттөрдүн эрдигин айтып олтурса, өзүнчө эле бир жомок.

— Кандайча?

— Уккуң келип турабы, уулум?

— Атаганат, айтып берсеңиз эң сонун болбойт беле.

Карыя олтурган ордунан козголуп, мени дагы бир жолу карап койду. — Ошол өзүң көргөн бүркүтүм, алгыр куштун тукумунан болот.

Карыянын сөзүнө түшүнө бербей кайра сурадым:

— Кандай дедиңиз?

— Бул бүркүтүмдүн атасы таш түлөк кезинде тартынбай вертолётко да кол салган.

— Вертолёткобу?

— Ооба уулум, кыязы ишенбей турат окшойсуң. Чындыгына келгенде бүркүттөрдүн эрдигине даба жок. Карышкыр, кулжаны алуу алар үчүн анчалык деле кыйын эмес. Табына келген бүркүт эч нерседен тайманбайт. Керек болсо кабыланды да капшыра тебет.

— Кечиресиз, жана бүркүт вертолётту тепкен деп кеп кылып кеттиңиз,— дедим ага бир кезде суроолуу карап. — Ал кандайча болгон?

— Уккуң келсе, айтып берейин, — деп карыя обдулуп койду.

...Жайдын толук мезгили. «Чыргайды» жайлоосунун этегиндебиз. Эртең менен эрте туруп, адатымча дөңгө келип көчүк бастым. Бул аймактан жайлоонун төрт тарабы, төмөнкү бөксө тоолор, өтөктөгү кыштак алаканга салгандай көрүнөт. Аңгыча болбой өзүм менен бала кезде бирге чоңойгон Аман, Абдылыйса да келип калышты. Өз ара ар кайсыдан кеп козгоп, маектешип олтурдук. Бир маалда

төмөн жактан дүрүлдөгөн үн угулуп калды. Карай салсак, вертолёт учуп келатыптыр... «Күмүштаг» тоосунан кен чыгыптыр, геологдор аны изилдейт экен деген сөздү угуп калганбыз. Ошого келаткан болуш керек деп божомолдодук.

Көп деле убакыт өтпөдү. Бир маалда кайдан-жайдан экенин ким билсин лөкүйгөн чоң карала бүркүт пайда болду да калды. Кызыгың кур... Бир кезде алиги карала бүркүт төмөнтөн жогорулап учуп келаткан вертолётту качырып келип, тээп өтсө болобу. Акылы жоктун ошо менен ойногусу бар деп, таңгала карап турдук. Тепкен бүркүт ошол замат эле вертолётко туруштук бере албай, төмөн карай кулады.

Бүркүттүн кулаган жерине биз да жетип келдик. Вертолётту тебет деген эмне укмуш!.. Кыязы аны ал башка жактан ооп келген канаттуу куш деп болжосо керек. Биз келгенде лөкүйгөн карала бүркүт тумшугу менен жер сайып сулап жаткан экен. Күч менен келип тепкенден улам көкүрөк сөөгү жарылып, тырмактары быркырап кетиптир. Бүркүттүн эрдигин турмушумда көп эле жолу көргөм, бирок мындайды биринчи көрүшүм.

* * *

Даярдык эки күнгө созулду. Балапанды алуунун жолдорун ойлонуп, өз ара талкуулаштык. Мындай бүркүттүн балапанын алуу биз үчүн оңойго турбады. Вертолётту тебүүгө батынган алгыр бүркүттүн уясынан балапанын алуу чындыгында эле опурталдуу эле. Чот, таяк, керки, аркан, тай туяктын бардыгын даярдадык. Эки-үч күнгө жетерлик тамак-аш алып, таң заардан жолго чыктык.

Бет алдыбызда «Ачык-Таштын» ак мөңгүлүү бийик зоолору асман мелжийт. Эзелтен бери чокусунан ак мөңгү кетпеген улуу тоолор моюндашкан жомоктогу дөөлөрдөй болуп, сүрдүү көрүнөт. Анын маңдайындагы биз балапан алуучу Улуманын тоолору алыстан дүмүрөйөт.

Түш оой тоонун түбүнө жеттик. Алыстан кичине эле көрүнгөн Улуманын зоокаларынын алдына келсек, укмуштуудай бийик экен. Жогору карасаң башыңан калпагың учуп түшөт. Зоонун учтуу шиш чокулары алыстан жебедей сайылып асманды тепчип тургансыйт. Баса өткөндө: «Эмне себептен Улума болуп аталып калган?» — деп абама суроо бергенимде: « — Жайдыр-кыштыр бороону боздоп, шамалы улуп-уңшуп тургандан улам, ошондойчо аталып калган экен», — деп жооп кайтарган.

Кеч кирип кеткенден улам аттарды тушап коё бердик да, өзүбүз жатып калдык. Жайлоонун этегине караганда түнкүсүн бул жер суук экен. Көрпөчө, одеалдарды жамынып уйкуга кам урдук. Эртеңки иш жөнүндө өз ара көпкө сүйлөшүп, балапанды алуунун амал айласын дагы бир жолу тактадык. Таң агарып атканда биринчи болуп ойгондум. Эртең мененки ызгаар жүрүп турган экен. Жүзүбүздү муздак сууга чайып, анча-мынча шам-шум эттик.

Күн чыкты. Менин таң калганым эле бир нерсе. Жалама зооканын боорунан кандайдыр жумурткадай болгон жалгыз көгүш көлөкө көрүнөт.

— Бул эмне? — деп тынчсыздана Макечал абамдан сурай кеттим.

— Ал жалгыз түп арча, — деп кайдыгер жооп берди абам, — жакшы көрө албай жатат окшойсуң, муну менен карачы...

Ал дүрбүнү мага бере салды. «— Жалгыз түп арча экен, жапжашыл болуп бүрдөп турат», — дедим өзүмчө таңдана. Мындай бийик зоокага кантип өсүп калган? Куурабайбы? — деп сурадым.

— Анысына мен дагы таңмын. Катарындагы тектирчени көрдүңбү? — деп кошумчалады Макечал абам.

— Ооба.

— Балапан дал ошол тектирчедеги уяда. Жаанчачында зоокадан куюлган суу ошол тектирчеге чогулуп, андан жалгыз түп арчага агып барып турган болуу керек, — деди абам мага түшүндүрүп, — ошол үчүн ал жайдыр-кыштыр куурабай көгөрүп турат деп ойлойм.

...Буюмдарыбызды жонубузга көтөрүп, эртелеп жолго чыктык. Күрткүлүү жалама бет менен жогорулап баратабыз. Темир такалуу тай туяктарыбызды ала келгенибиз жакшы болуптур. Болбосо муздуу жалама беттен өтө албай убара болмок экенбиз. Кичине эле бутуң тайып кылт этсең, тээтиги ойго барып түшчүдөйсүң. Токтолуп төмөн карасаң, көк жалтаң муздан жүрөгүң шуу этет. Баарыдан да Макечал абамдын өрдү өр билбей жогорулап баратканына аябай таңгалам. Тим эле буту-бутуна тийбей жаш жигиттен бетер шыпылдайт. Жашы алтымыштан ашып калса да мага жеткирбей алдыда барат. А мен барган сайын шайым кетип, эрдимди кесе тиштейм да намыстана алга илгерилейм. Көп жылы тоого чыкпай шаарга көнө түшкөн окшойм. Жүрөгүм ого бетер дүкүлдөп, көөдөнүмдөн азыр эле чыгып кетчүдөй болот. Жолго чыкканыбызга көп эле убакыт болду. Бирок эмнегедир жол арбыбайт. Жакын эле көрүнгөн тоонун чокусу улам жогорулаган сайын эмнегедир бизден оолактап, нарылап качып барат-

кансыйт. Бир маалда чоң урчуктуу таштын үстүнө келип көчүк бастым. Эки бүркүт пайда болуп: «Кла-а-кла-кла» эте шаңшыган боюнча Улуманын зоосун көздөй куушурулуп кирип кетти.

— Биз алчу балапандын ата-энеси ушулар, — деп мага кыскача түшүндүрдү Макечал аба.

Бешимде тоонун кылда чокусуна чыктык. Бул жерде колу-бутту какшаткан ызгаар өкүм сүрүп, кар кыпындары муздак жерге туруштук бере албай төмөн карай шыркырап куюлуп жатат. Кыязы күнү-түнү бул жакка да кар себелеп жаап турса керек. Тоонун чокусунда туруп, анын оюна көз чаптыра кеттим. Коктуда күпүлдөп агып жаткан чоң өзөн суу эми кичинекей арыктагы суудай жылжып агып жаткансып көрүнүп кетти мага.

Ишке kириштик... Макулдашуу боюнча уяга мен түшмөй болдум. Абамды түшкүн деп кантип айта алабыз. Эмнеси болсо да тобокел кылдым. Бирок, баары бир жүрөгүм болкулдап, алдыда эмне болоруна көзүм жетпей, сарсанаа болом. Белимди аркан менен байлашты. Колума керки берип, ыргай таякты карматышты. Баштыкты аркан менен бирге белиме байлап коюшту. Аркандын экинчи учун сүйрү ташка чырмап байлашты. Өздөрү арканды кармап, акырындык менен төмөн түшүрө башташты. Улам төмөндөгөн сайын жүрөгүм оозума тыгылып, денемди калтырак басат. Аздан кийин зоокада эмес, тим эле көктө салаңдап илинип тургандай сезип кеттим өзүмдү. Кичине эле кылт этсең, же аркан үзүлүп кетсе анда жарыкчылык менен кош айтышканың ошол. Ушуларды ойлосом төбө чачым тик турат. «Муштумдай чымчык үчүн кара жанды кыйнап, ушунча азапка түшүүнүн эмне кере-

ги бар эле». Бирок, намыс чиркин күчтүү белем, бел байлап төмөндөп баратам.

Бир кезде төбөмдөн шуулдаган үн чыкты. Жалт карай салсам лөкүйгөн карала бүркүт мени качырып келаткан экен. Жүрөгүм оозума тыгылып, кыйкырып аскага жабыша калдым. Бүркүт тебе албай кайып кетти. Аска жапкактуу болбосо ким билет эле мени. «Ажалымдан өлбөй бүркүттүн уулу тырмагынан жан берет экемин» — деген коркунуч тулку боюмду бийлеп алды. Дене-боюм калчылдап, көзүмөн чаар чымын учат. Эки бүркүт биринен сала бири куушурулуп качырып келип, тебе албай кайып учуп кетип жатышты. Жогору жактагылар Макечал абам баш болуп, жан-алы калбай темир-тезекти каңгыратып, тарсылдата мылтык атышып, ызы-чууга түшүштү. Бирок, бүркүттөр алардан жазганып коюшпастан ого бетер өлөрмандана мени качырышат. «Чиркин, бала үчүн адам гана эмес, кала берсе канаттуулар да отко түшөт турбайбы?!» Бир гана менин жанымды сактап жаткан береги колума кармаган ыргай таягым. Алар качырганда таяк менен жаза-буза шилтеп калам.

Уяга жакын эле калдым. Бүркүт чаркырап келип дагы бир жолу тээп өттү. Жанагы ойдон дүрбү салып көргөн жалгыз түп арчага жашына калдым. Арча болбогондо ким билет эле мени. Эмнегедир бул арча менин бактыма жаралгандай сезилди. Секичеге бутум илингенде сүйүнүп кеттим. Бул уянын оозу сыяктанды. Бүркүт дагы бир жолу тээп өтөрүндө капкага жабышып, жашына калдым.

Аздан соң бир бүркүт чаркырап келип, тектирчеге коно калды. Бул кызы бүркүттүн ургаачысы болсо керек.

Өткүр курч көзү тим эле чанагынан чыгып, мени жеп жиберчүдөй чакчаят. Ыргай таяк менен жаза-буза бир койдум. Бүркүт шарт эте уча качты. Бүркүттөр дагы эле «клакла-кла» эте шаңшып, мени көздөй куушурулуп келип, бирок кол сала албай, жазганып кайра учуп кетишет. Уянын тегерегинде кагырап куураган жан-жаныбарлардын сөөктөрү жатат.

Уяда болгону жалгыз балапан экен, темир канат болуп жетилип калыптыр. Балапанды алып баштыкка салдым. Канткен менен жырткычтын тукуму эмеспи, чырылдап колумду тиштегилеп, айламды кетирди. Кыязы, ата-энесинин жан алакетке түшүп жатканын ал да билип жатса керек. Балапан салынган баштыкты арканга байлап, жогору карай жөнөттүм. Андан кийин арканды белиме чиңе байладым да, тарткыла деп белги бердим. Араңдан зорго дегенде чокудагы жолдошторго жетип кошулдум. Жогору жеткичекти бүркүттөр дагы эле айламды кетирип, аз жерден майып кылып коё жаздашты.

* * *

...Эки-үч жыл өтүп кетти. Иш боюнча бул жакка дагы бир жолу командировкага келип калдым. Өткөндөгү окуялар көз алдыма кайра-кайра тартылат. Аттигин ай, баягыда мен уяга түшүп алып берген балапан, азыр лөкүйгөн чоң бүркүт болгондур. Ата-энесин тартып кыраан болду бекен, же... А, Макечал абамчы?.. Аман-эсен бар болду бекен? Ушул өңдүү ойлор уламдан-улам көз алдыма тартылат. Маңдай тарабымдагы улуу тоолорго көз жиберем. Ошондо биз барган «Ачык-Таштын» кырка тоолору көз алдымда асман мелжип заңкаят.

Түш оой Макечал абамдыкына келдим. Аман-эсен эле жатышыптыр, бирок карылыкка моюн сунайын деп калыптыр. Көзү киргил тартып, бети-башын бырыш баскан. Абамдыкынан даам сызып, жайма-жай маектешип олтурдук.

— Аба бүркүтүңүз көрүнбөйт го, каякка кондуруп койгонсуз? — деп сурай кеттим.

Макечал абам жооп айтуунун ордуна эмнегедир терең улутунуп алды. — Ээ уулум, андан ажырап калгам, — деди кабагын бүркөп.

— Кандайча?

— Ээ, айтып олтурса көп сөз.

Карыя башын жогору көтөрүп, тээ биздин бет маңдайыбызда созулуп жаткан ак карлуу улуу тоолорго көпкө чейин карап олтурду. Бырыш баскан бетинин чуңкурлары былкылдап, карылык басып, тунарган көзү азыр эле ыйлап жиберчүдөн бетер жашылдана түштү. Ошондон улам карыянын жүрөгүнүн түпкүрүндө кандайдыр бир кайгылуу сырдын катылып жатканын жүрөгүм сезип турду. Ал көптөн кийин барып улутуна үн катты:

— Уулум, кыраан бүркүттүн табы катаал болот. Күнөө өзүмдөн кетип калды. Аны бир жылга чейин жакшылап таптадым. Табына кирип келатып эле кайра жанып кетет. Бир күнү жакшы болуп жоошуй түшсө, бир күнү жанына жакын жолотпой чыртылдап талпына берет. Анан колуңду мыкчый кармаганда, тим эле көзүңдөн от чыга түшөт. Дагы бир топ күн убараландым. Эми табына келгенсип калды. Адегенде кекилик, чилге, коёнго, бара-бара түлкүнүн бачигине тирлентип көндүрдүм. Анын алгырлыгына, өзгөчө көктүгүнө аябай таңгалдым. Алганын бекем мыкчып, чыркырап оңой менен адамга берчү эмес.

Бир-эки жолу ууга чыгып, түлкүгө салып көрдүм. Табына толук келе бозумду амалдуу түлкү бат эле жазгырып кетти. Бирок, олжонун колго тийбей калганына өкүнгөн жокмун. «Иши кылып табына келип, жетилсе болду», — деп чыдап жүрдүм. Бирок, кийин кырсык болорун мен кайдан билдим. Балапанды алып келген күндөн тартып, ата-энеси шаңшып, айылдын үстүнөн кетпей койду. Кээде жумасына эки-үч жолу келет. Кээде экөө бирге келсе, кээде жалгыздап... Алардын келип жүргөнүн бозум да билип жүрдү. Ал да асмандан көзүн албай шаңшып, туурунa конбой талпына берет.

Бир күнү ууга чыгууга камдандым. Качанкыга чейин аны зарыгып кармап олтура берем. Бир кызыгына баткым келди. Эртең менен аттанганы жатсам Илепес карыя келип калды. Ал белгилүү мүнүшкөрдүн бири болучу.

— Ии, каякка аттанганы жатасың? — деп сурап калды.

— Бозумду байкап көрөйүн деп, ууга аттанганы жатам, — дедим.

Карыя туурга отурбай шаңшып, кайра-кайра талпынып жаткан бүркүттү азга карап турду да: — Мунуңдун түрү жаман, качырып жиберип кол жууп калып жүрбө, — деп күңк этти.

— Бир жылдан ашып баратат, кача койбос, — дедим мен камаарабай.

....Атка минип бүркүтүмдү колго кондуруп, Айгыр-Жалдын жону менен кыркалап келатам. Көптөн бери ууга чыкпай зеригип калган жаным бат эле аң чыгып, кызыгына батсам экен деп шашылам. Кеч күз болсо да күн мемиреп жылуу. Бул жакта тоонун кызыл түлкүлөрү көп экенин башынан бери жакшы билчүмүн. Бүркүтүмдүн кы-

зыгын көрсөм дегенде эки көзүм төрт. Жылга-жыбыттарды, чапты тинтип келе бердим. Бир-эки жолу коён качты, бирок бүркүтүмдүн томогосун тартканым жок. Максатым — түлкү алдыруу. Айгыр-Жалдын жонунан эч нерсе жолукпады. Айла-амалым түгөнүп, атымдын тизгинин Сары-Камыш тарапка бурдум. Бул жакта да кеч күздө түлкүлөр жолуга калат. Алтыгана, төө куйрук, уйгак, камгак эң эле көп. Түш ооп баратат... «Чын эле кур кол кайтамбы?» — деп кайра-кайра сарсанаа болом. Кайра кетүүгө дитим барбады, кандай да болсо бүркүттүн бир өнөрүн көрүп кайтсам болот эле. Бир кезде атым эмнегедир жалт берди. Карай салсам кызыл түлкү булактап качып бараткан экен. Шаша-буша бүркүтүмдүн томогосун тарттым. Түлкүнү көрөрү менен бүркүтүм асманга атып чыкты. «Эми бере көр!» — деп атыма үстөккө-босток камчы уруп чаап баратам. Бозум канатын күүлөп улам-улам жогоруулоодо. Түлкү бүркүттү кылчак-кылчак карап коюп качып барат. Анын амалдуулугу кимге маалым эмес. Тажрыйбасыз бозумду мертинтип коёбу деп, чочуп да турдум. Бир убакта бозум куушурулуп келип түлкүнү качыра берди. Амалдуу түлкү мант берип жазгырып кетти. Карасам, түлкү булактап качып барат. Алалбай калганына ыза болгон бозум кайра башынан канатын күүлөп асманга көтөрүлдү. «Буюрса, эми түлкүнү мыкчый кармарсың»,— деп ишенип турдум. Жана дагы тик сайылып келип качыра берди. Бул жолу да түлкү амалданып, мант бергенде бүркүтүм ала салып барып оңолду. Түлкү табасы кангансып желип-жорто кокту өрдөй берди. Бозумум чындыгында эле көк экен. Канатын күүлөп, асманга дагы көтөрүлдү. Дагы качырып сала бергенде түлкү чоң ташты айлана берди. Кайдан-

жайдан экенин билбейм, көз ачып жумгучакты бир бүркүт пайда болду да калды. Таанып чочуп кеттим, бозумдун энеси экен. Эми түлкүнү экөөлөп тебе башташты. Түлкү аларга да амалданып, алдырбай качып барат. Мен атыма үстөккө-босток камчы уруп, кыйкырып чаап баратам. Эми эки бүркүт асманда өз ара тебише башташты. Анысы көпкө созулган жок. Экөө тебишкен боюнча зооканын тереңин көздөй куушурулган боюнча кирип кетишти. Үнүмдүн жетишинче «бөпүлөп» кыйкырып жаттым. Бирок, бүркүтүм мага кайрылбады.

...Карыя аңгемесин аяктады. Анын үнү каргылданып, тамылжыган нурлуу жүзү заматта кубарып, жаак эттеринин тарамыштары булкулдөп, кимдир бирөөгө жини келгенсип кетти.

— Ээ жарыктык, бүркүткө да ушунча капа болосузбу,— дедим. — Ал болбосо, башкасы табылаар.

— Андай бүркүт эми табылбайт го,— деди терең улутуна,— бир-эки жолу койчулардын Улума тараптан кыска боолуу бүркүт көрдүк деп айтканын уктум. Ошол менин бүркүтүм, кийин ал жакка издеп барып өзүм да бирэки жолу көрүп калдым. «Бөпүлөп» чакырсам такыр кайрылбай койду.

* * *

Отпускада элем. Телефон шыңгырап калды. Трубканы алсам курбум Курман экен. Адистиги боюнча геолог. Чалгындоо жумушу боюнча кеткени жатыптыр. Ал жакка мени бирге барууга сунуш кылды. Бош болгондон кийин эс алып келейин деп аларга кошулуп мен да жөнөдүм.

Кеч бешимде вертолёт бизди жүгүбүз менен «Чыргайды» тоосунун оюна түшүрүп койду. Ылайыктуу жерге чатыр тиктик. Булактан суу алып келип чай кайнатып ичтик.

Күндөр өтүп жатат... Улума тоосу эмнегедир көзүмө жакшы көрүнөт. Баягы жылы ошол зоонун боорунан алган ак күп балапан эсимен кетпейт. Анын качып кеткени жаман болбодубу. Көрүнүп калабы деген үмүт менен көпкө чейин ошол жактан көзүмдү албайм.

Үрөң-бараңда жолго чыктык. «Ачык-Таш» тоосун көздөй бет алып баратабыз. Курбум Курман жанымда, кокус бүркүт көзгө чалдыкса ага көрсөтсөм дегенде эки көзүм төрт. Туу белге чыктык. Кышындагыдай ызгаар бетти аймалайт. Бешимде болжогон жерибизге жеттик. Аттарды жайдактап, тушап коё бердик. Зооканын түбүнөн баягы жылы бүркүттүн балапанын алган ууны карайм. Жалгыз түп арча дагы эле баягысындай жапжашыл болуп көгөрүп турат. Чарчагандан улам көзүбүз нымдалышып, бүткөн боюм чымырайт. Көрпөчөнү жая салып, жата кеттик. Экөөбүз өз ара маектешип олтуруп, бир кезде уктап кетиппиз. Канча уктаганыбызды билбейм. Бир кезде шаңшыган үндөн улам чочуп ойгонуп кеттим. Карасам бүркүттөр экен. Бирөөнүн бутунда кыска боосу салаңдап жүрөт. Көтөрүп алган бир нерсеси бар. Эми жазбай тааныдым, көтөрүп алганы каркайган чоң мүйүздүү теке экен.

— Ой тур, тур дейм! — курбумду колдон алып, булкулдатып ойготтум. — Тигине, баягы сага айткан бүркүт.

Курман да бүркүттөрдү таңгала карап жатты:

— Тиги көтөрүп алганы эмнеси?

— Эмне, тааныбай турасыңбы?

— Ооба,— деп ал башын ийкеди.

— Ал тоо теке турбайбы?

— Тоо теке?

— Ооба, ишенбесең жакшылап кара.

Анан ал көпкө чейин бүркүттөрдү карап турду да акырында минтти: — Чын эле сен мактагандай эле бүркүттөр экен. Торпоктой тоо текени кантип көтөрүп баратышат?

Бүркүттөр биздин үстүбүздөн өтүп баратышты. Башы төмөн салаңдаган тоо текенин мүйүзү аркаят. Аны алгоолошуп экөөлөп көтөрүп барат... Буту талыганда бири таштап жиберсе, шып эте экинчиси илип кетет. Айтор эки бүркүт олжосун колдон-колго өткөрүп, Улуманын зоосун көздөй сүңгүп кирип кетишти. Курбум Курман экөөбүз алардын артынан таң кала көпкө чейин карап турдук.

— Атаганат, Макечал абам бекеринен эле бүркүтүнө күйүп-бышкан эмес турбайбы,— деп мен дагы тереҥ улутунуп алдым.

## КОНУШТАГЫ ОКУЯ



...Күн уясына кызарып батып баратканда автобустан түштүм. Айлана бат эле караңгылап баратты. Жана эле биз келатканда асман менен бой тиреше, күнгө чагылышып турган муздуу шиш чокулар, аларга илээшкен ак булуттар заматтын ортосунда көздөн далдоо болду. Күүгүм тарткан сайын тоо коюну эмнегедир сүрдүү көрүнгөнсүйт.

Жылдыздар менен жымыңдаша сандаган электр жарыктары жана келди. Арышымды салмактуу таштап таанышымкын көздөй баратам. Таанышым демекчи, бараткан үй аяш атамдыкы. Кичинемде атам анын уулу Амангул менен достоштуруп коюптур. Мында жылына бир убак келип кетем. Оюм алда кайда закымдайт. Баягы жылы торго туткундап алган кичинекей бозум бүркүт, эми жетилгендир. Буюрса анын кызыгын көрүп кайтам.

Айыл тарапка көз жибердим. Кечкурун жымыңдап жанган жылдыздар менен бирге, ар кайсы боз үйдүн түндүгүнөн түтүн асманга булайт. Тээтиги ак өргөө үй аяш атамдыкы, жыл сайын ушул жерден конуш алат. Аяш атам эс алып отурчу дөңсөө да көзүмө урунду. Анда эки-үч киши уй мүйүз тартып отурушат. Булардын бирөө сөзсүз аяш атам болуу керек. Бат эле дөңсөөгө жетип келип, отурган карыялар менен учурашып калдым. Алардын бирөө чын эле өзүм болжогондой аяш атам болуп чыкты.

Ал жайды сурашып болгон соң, үйгө бет алдык. Аяш апам, досум менен учурашып, төрдөн орун алдым. Мына кызык. Жылда бүркүт конуп отурчу улага тараптагы туур эмнегедир бош турат. Чочуп кеттим. «Балким, бүркүтүн сыртка кондуруп койгондур»,— деп да ойлодум. Бирок, сыртта да көрүнбөйт.

— Аяш ата, бүркүтүңүз кайда? — деп шаша сурай кеттим.

Аяш атам мага жооп бергендин ордуна эмнегедир өзүнчө улутунуп койду.

— Кел уулум, чай ичели,— деди бир кезде,— уккуң келсе, анан айтып берем.

Бүркүт жөнүндөгү кызыктуу баян ушинтип башталды.

* * *

Жайкы каникул маалы. Эс алганы аяш атамдыкына келип калдым. Эки-үч күн өттү. Бир күнү эртең менен эрте турсам аяш атам ордунда жок экен. Досум Амангулдан сурасам азыр келет деп тим болду. Ордубуздан туруп, жуунуп тамактандык. Сыртка чыксак, аяш атам аттан түшүп жатыптыр. Эмнегедир колтугуна түрүлгөн ичке кендир жиптерди кысып алыптыр.

— Муну эмне кыласыз, аяш ата? — деп жанына жетип бардым.

— Тор түйөбүз, уулум,— деп койду.

— Торду эмне кыласыз?

— Кийин көрөсүң, уулум.

Ошондон улам, «балык кармаганга тор түйгөнү жаткан экен»,— деп ойлодум.

Тор да түйүлүп бүттү. Бирок, менин таң калганым бир гана нерсе. Тордун көздөрү аябай чоң, кээ бир тешиктеринен күчүк да чыгып кетчүдөй. «Бул жактын балыктары эң зор экен го»,— деп тим болдум. Кайра-кайра сурап, аяш атамдын тынчын алгым келбеди. Жолго чыктык. Аяш атам жол баштап, досум экөөбүз артынан ээрчип бараттык. Эмнегедир аяш атам үч-төрт таякты да колуна көтөрүп алды. Баштыкка салып бир нерсени да ала бара жатат. Ал эмнеси экени али мага түшүнүксүз. Жинди-Чаптын зоолору асман мелжип, кээ бир урчуктары азыр эле кулап кетчүдөй болуп, салаңдап турат. Бир жолу жогору карай коём деп, аз жерден кыйкырып жибере жаздадым. Төбө жагыбызда азыр эле бизди басып калчудай болуп, чоң кара таш салаңдап туруптур. Аяш атам менен Амангул

досум башынан бери көнүп калышса керек, дегеле сезип коюшпайт. Биздин бара турган жерибиз Жинди-Чаптын Жылгалуу-Сайы. Жана жөнөп жатканда ушул жерге бара турганыбызды аяш атам баяндаган. Бирок биринчи бара жаткандыктан улам бул жердин кандай аймак экени али мага белгисиз.

Чоң коктуну өрдөп жогорулап бараттык. Эки жагы кууш капчыгай экен. Коктунун түбүндө төмөн карай октос берип, тоонун тунук шар суусу күпүлдөйт. Анын эки жагындагы мажүрүм талдар кол менен отургузуп койгонсуп жел жүрө калганда өйдө-төмөн ыргалат. Тоо боорундагы жарлардан күүлдөгөн үндөр угулат. Бир эсе чочуп, бир эсе таң кала досумдан сурай калганымда, ал: — Көгүчкөндөр! — деп кыскача жооп берди.

Эки жагыбыздагы жалама асканын түбүндөгү жалгыз аяк жол менен жогорулап отурдук. Бирде бурулуштан имерилсек, кээде жалама беттерге урунабыз. Аларды кыркалап өткөн жолдор менен төмөндөп сайдагы жолдорго кайра кошулабыз. Ар кайсы жерлерден шоңшойгон урчуктар, атайы тикесинен орнотуп койгонсуган таштар сербеет. Кээде байкабай калганыңда урчуктун үстүндө туруп алып, карап турган адам экен деп да жаңылышып аласың.

Өзөндүн этегине чыктык. Эки жагы айдөш тегерек аймак экен. Ар кайсы жерлери ачык, караган шактуу бул жер мага өзгөчө сезилди. Майда-майда жолдор тикенек аралап, уюлгуп кетет. Жолдордун ушунчалык такырайгандыгынан улам, коён, кээ бир канаттуу куштардын кыгы шыгырайт. Бул жерде жапайы коёндордун, кекилик, чилдердин, ал тургай түлкүлөрдүн көп болорун досум Аман-

гул келатканда эле баяндап берген. Ошол себептүү бул аймактан бүркүт, жапан куш, ителгилер көп алыстабай, аңчылык кылышат экен.

Аяш атамдын көрсөтүүсү боюнча ишке кириштик. Ала келген таяктарды көрсөткөн жерине орноттук. Анан торду тегерете курчап, таяктарга бекитип байлап койдук. Чоң атам баштыкты ачып, андагы ала келген казыкты кагып, тордун ичине тоокту бутунан байлап койду. Экинчи бутуна дагы бир узун жипти байлап, тордун алдынан алып өтүп тээ тектирде турган калың караганга байлап койду. Анын ичине эки-үч киши сыя турган оюктары бар экен. Иштин жайына эми түшүнө баштадым. Көрсө, балыкка эмес, канаттуу куштарга тор жаюуга түйүлгөн тура. Бардыгы даяр болгон соң, аяш атамдын буйругу боюнча Амангул экөөбүз алтыгананын ичинен келип орун алдык. Аздан кийин аяш атам да биздин катарыбызга келип жата кетти. Тооктун экинчи бутуна байланган узун жипти мага карматып коюшту. Эмне үчүн анткенине алигиче түшүнө албадым. Аяш атамдын буйругун күтүп улам-улам аны карап коём. Бирок, аяш атам эмнегедир үнсүз мелтиреп, ободон көзүн албайт.

Көпкө жаттык. Дагы эле эч нерсенин шеги билинбейт. Өйдө-төмөн учкан каргалар менен сагызгандан башка канаттуулар көзгө урунбайт. Анда-санда тоонун боз чымчыктары карагандын бутактарына коно калып, чыйрыттай сайрашат да, анан кандайдыр бир жакка учуп жок болушат. Береги бирде карагандын, бирде таштын башына коно калып шакылыктаган сагызгандын үнү кулагыбызды жеп жиберди. Ал да бир нерседен шектенгенсип, кээде келип төбөбүздөгү бутактарга коно калып шакылыктайт. Атага-

нат, колумда мылтыгым болсо небак эле ыргыта атып салат элем. Колубузда курал жогун билип, кайра-кайра кычаштык кылгансыйт. Бир ирет тартылган тордун мамысына коно калды да, мурункусунан да катуу шакылыктап: «А, байкуш тоок, торго камалып ит-кушка жем болгону жатканыңды түшүнсөң боло»,— деп жаткансыды. Тикенектин алдынан суурулуп чыгып, таш алдым да жаза-буза бир коюп калдым. Мунун сактыгына не бересиң, таш жетмек түгүл колумдан чыга электе эле куйругун сырактатып уча качты.

— Ээ, ырас кылбадыңбы, ошону уулум,— деп койду аяш атам. Кызы анын кылык-жоругуна аяш атамдын да жини келип отурса керек.

Эртеден бери сагызгандын кылыгы менен алек болуп отуруп байкабай калыпмын. Каяктан келгенин билбейм, асманда бир бүркүт айланып жүрөт. Көз ирмебей көпкө карап турдум, ал уламдан-улам жакындагансып келатты. Аяш атама көргөзсөм, «көргөм» — дегенсип башын ийкеп койду.

— Колуңдагы кармаган боону силкилдетип отур! — деп бир кезде аяш атам буйрук бере сүйлөдү. Мен ошондон кийин тоокко тынчтык берген жокмун. Боону силкилдетип койсом эле, тоок талпынып, канаттарын тырпыратып бошонуп кетүүгө аракеттенет. Бирок, казыкка чырмалып байланган тоок кайдан бошой алсын. Чарчап күйүккөндөн улам, оозун ача акактайт. Муну көргөн бүркүт бир-эки жолу тике качырып сайылып келди да, тоокко тийбестен кайра кайып учуп кетти. Анан адатынча кайра айлана берди.

— Тургула балдарым, башка амал ойлоп таппасак бол-

бойт,— деп жиберди бир кезде аяш атам,— кызы кексе бүркүт көрүнөт, торду байкап калды окшойт.

Биз жаткан тикенектин ичинен суурулуп чыгып, кийимдерибизди күбүнө баштадык.

* * *

...Күнгө жекшемби. Күн жазгы күндөй мемиреп тийип турду. Бардык даярдыгыбызды көрүп, алигидей эле үчөөбүз тикенектин түбүндө бугуп жатабыз. Бул жолку аракетибиз мурункудан башкача... Кеч күз болгондуктан жерге кыроо түшүп турат. Тордун айланасында каршы-терши өткөн түлкүнүн издери жыбырайт. Кайран түлкүң тооктун жытын искеп, жылуу этке шилекейи чубуруп, жеймин го деп үмүт менен мында келген көрүнөт. Аяш атамдын амалы боюнча байлоочу бүркүт менен тоокту бирине-бирин жеткирбей эки жерге казыкка байлап койгонбуз. Байлоочу бүркүттүн алдында өлгөн койдун арткы сан эти жатат. Тоокко жете албаган бүркүт, анда-санда эттен чокулап жеп коёт.

— Ыя, аяш ата! Бүркүттү эмнеге байлап койдуңуз? — деген менин суроомо:

— Ээ, уулум, башка жапан бүркүттөр байлоочтун жемин тартып алгысы келип, торго чырмалып түшүп калышы да ыктымал,— деп жооп берди.

Ошондон кийин гана байлооч кичинекей бүркүттүн тордун ичине эмне үчүн байланып коюлганын түшүндүм.

...Капысынан кайдан-жайдан экени белгисиз, обого эки бүркүт пайда болду. Алар көпкө карап турушкан жок, бир кезде экөө эмнегедир тебише кетти. Бири куушурулуп ке-

лип, экинчисин качыра бергенде анысы жалт берип кайып кетет. Бирок, алардын тебишкени көпкө созулбады. Бир кезде анын кичирээги тигинден бөлүнүп чыкты да, байлооч конуп отурган торду көздөй бет алды. Кыязы, байлоочтун жем жеп отурганын жаңы эле көрдү окшойт. Бир-эки жолу төбөбүздө айланып турду. Мен келип колумда кармап турган жиптин бир учун тынымсыз булкулдата бердим. Томк ары-бери талпынып, байлооч аны көздөй жутунуп жатты. Бир кезде асмандан шуулдаган үн угулду. Карай салсак, алиги кичине бүркүт ыргыткан таштай болуп төмөн карай зуулдап келаткан экен.

— «Кудай бере көр!» — деп аяш атам токтонуп тура албай кыйкырып жиберди. Бүркүт бир ирет кайкып өттү да, жана дагы тик сайылып качыра берди. Байлоочту тебем деген бүркүт торго тийип, таяктарды жыга тээп келип, будаланып торго чырмалып, жатып калды. Кыйкыра ордубуздан тура жөнөдүк. Келип карасак, жапан бүркүт, байлооч, ал тургай тоок болуп торго аябай чырмалышып калыптыр. Арандан зорго бүркүттү тордон чыгарып алдык. Ошондогу сүйүнгөнүм ай!..

* * *

...Күндөр айга, айлар жылга тогошууда. Күндөрдүн биринде аяш атамды ээрчитип, Амангул экөөбүз да ууга кошо чыгып калдык. Аяш атам тор кашкасына чыкыя отуруп, колуна кондурганы алиги биз торго туткундап алган карала бүркүт. Ал мурдагыдай муштумдай эмес, лөкүйгөн чоң карала бүркүт болгон. Анын салмактуулугунан улам туурду ээрдин кашынын көкүрөк жагына бекитип, колун ага төшөп, анан колуна бүркүттү кондуруп алат. Болбосо

колу уюп, талып кетээри бештен белгилүү. Аяш атам алды жакта, биз аны куйрук улаш ээрчий бастырып баратабыз. Күн да бүркөлүп, азыр эле жаап жиберчүдөй болуп турат. Мунун жакшы да, жаман да жагы бар. Биринчиден күн боройлоп жаап келсе, түлкү буюктуруп таптырбай кетиши ыктымал. Дагы бир жагы түлкүнүн изин куусаң, аны издеп жүрүп оңой эле таап аласың.

Макечал булактын жээгиндеги майда-майда бөксө тоолорду кыркалап жүрүп отурдук. Ар кайсы коктуларынын оюнда камгактар додо-додо болуп үйүлүп жатат. Булардын арасына көбүнчө жапан бүркүт, куштардан корккон коёндор бөжүп жатышат. Кээде аларды аңдып келген түлкүлөр да жолуга калат. Күн чытыйып бүркөлгөнү менен үлп эткен жел жок. Эми биз дагы аяш атамды ээрчибей катарлаша бастырып баратабыз. Анткенибиздин себеби, аяш атам бизге ушундай буйрук бере эскерткен. Көп жерди артып өттүк, түлкүлөрдөн дайын жок. Эки-үч жолу камгактардын арасынан булт этип коёндор да качып жатты. Бирок, аяш атам эмнегедир бүркүттүн томогосун тартып, коё берген жок. Ошондон улам: «Аяш атам коён эмес, түлкүгө салайын деп жаткан экен го»,— деп ойлоп тим болдук. Акырында бир чоң коктуга түштүк да кыркалай бастырып, анын ичин тинтип бараттык. Ушул учурда жолдун ыңгайына жараша аяш атам экөөбүздүн аралыгыбыз өтө жакындап калган. Аңгыча болбой жанаша да түштүк. Ушул учурда аяш атам колун жаңсап алды жагыбызды көрсөтүп калды.

— Уулум, тээтигини көрдүңбү?

— Кайсыны? — деп аяш атам көрсөткөн жакты карап калдым. Бирок эч нерсени деле баамдай алган жокмун.

— Эмнени айтып жатасыз, аяш ата?

Аяш атам эмнегедир кыткылыктап күлүп жиберди:— А, чунагым, азыр акты-көктү ажырата элек балалыгың да, болбосо...

— «Кызык, балалыктын бул жерге эмне тиешеси бар?» — деп ойлоно тим болдум. Аяш атам муну менен тынчтанып калган жок, сол колундагы камчысын бүктөй кармап, алды жакты көрсөтө кетти.

— Тээтиги беттеги, чоң кара таштын каптал жагындагы жылып бараткан камгакты карачы!

Ошондон улам бет маңдайымдагы жалама бетке көз жүгүрттүм. Кызыгың кургур, апай бетте бир чоң камгак желге туруштук бере албай тегеренип белди ашканы баратат.

— Көрдүңбү? — деп сурады аяш атам.

— Көрдүм,— деп жооп бердим.

— Эмне экен?

— Камгак экен.

— Эмне кылып баратат?

— Жылып баратат.

— Эмне үчүн?

— Билбейм,— деп жооп бердим акырында.

— Оо, мурдуңду урайын,— деп аяш атам дагы күлүп калды. Мен сөздүн төркүнү эмне жөнүндө болуп жатканына толук түшүнгөн жокмун.

— Кунт коюп, дагы жакшылап карап көрчү,— деп калды аяш атам дагы бир жолу,— тээтиги камгактын арасында сүйрөлүп бараткан узун нерсени баамдап карачы.

Чын эле кунт коюп карап жаттым. Үлп эткен жел жок болсо да, камгактын акырын жылып баратышы мени аябай

таңдантты. Куйрукка окшогон кандайдыр бир узун нерсе да чубалжып жылып баратат.

— Тээтиги, сүйрөлгөн узун нерсеси эмнеси? — деп сурай кеттим.

— Ал куйрук,— деп түшүндүрдү аяш атам,— ой оңбогур, мунун митаамдыгын карасаң.

Дагы кайра-кайра карап жаттым. Алиги камгак дагы эле бир калыптан жазбай жылып баратты.

— Уулум, бул түлкү.

— Ыя! — деп чочуп кеттим,— ушундай да түлкү болобу?

— Ооба, уулум,— деп сөзүн улантты аяш атам,— камгакты тиштеп алып жашырынып кетип баратпайбы.

Камгак жылып отуруп белди ашып кетти. Биз кыялай чаап дөңгө чыктык.

— Түлкү эч жакка кеткен жок, берегиı коктуда,— деп бак-бак эте сүйлөдү аяш атам. — Мен чокусунан чыгайын, силер төмөн жагынан...

Атыбызды ылдамдата өз багытыбызды көздөй бет алдык. Коктунун таманындагы, апай беттериндеги шыркырай чыккан бадалдардан баш адашат. Алиги түлкүнүн кай жерине житип кеткенин ким билет. Жогортон аяш атам, төмөнтөн мен, каптал жагыбыздан Амангул болуп кыркалап, бир да тикенектин түбүн койбой тинтип келатабыз. Аңгыча болбой жардын кырындагы чоң тикенектин түбүнөн түлкү булактап кача берди. Чочуп кетип кыйкырып да жибериптирмин:

— Түлкү, түлкү!

Аяш атам шапа-шупа бүркүттүн томогосун тартып алды. Бүркүт калдаңдап учуп түлкүнүн артынан сая түштү.

Бир-эки жолу канатын күүлөп асманга көтөрүлүп алды да, кайра башынан куушурулуп түлкүнү качыра берди. Биз дагы карап турбай айкырыкты салып, түлкүнүн артынан чаап баратабыз. Анда-санда аяш атам эскерткен болуп бизге кыйкырып коёт:

— Абайлагыла жыгыласыңар!

Бирок, Амангул экөөбүз аяш атамдын эскерткенине карабай дагы эле атыбызга үстөккө-босток камчы уруп чаап бараттык. Бир кезде бүркүт түлкүнү серпип өтөрдө, ал жазгырып кетти. Бүркүт да ызаланып калды окшойт, экиүч жолу асманда айланып турду да шуулдай тик сайылып, түлкүнү качыра берди. Ой чиркин, бүркүттүн ошондогу сүрү ай! Аңгыча болбой түлкүгө куйрук улаш жетип барган соң, көз ирмемге келбей будалаша түштү. Карай салсак, кайран бүркүт бир колу менен түлкүнү жондон, экинчиси менен оозун капшыра кармап бүктөп салган экен. Аяш атам чаап барып, аттан учуп түштү...

* * *

— Байбиче, ыракмат ичтик,— деди аяш атам күмүштөй болгон аппак сакалын сылагылап. — Эми буларыңды чогултуп ал!..

Аяш атам бүркүттүн окуясын улантып айта баштады.

...Кеч күз болучу. Бүркүтүм жаман чыккан жок. Тоодон тоодакты, ойдон түлкүнү койбоду. Бир жолу капыстан чыга калган карышкырга шилтеп калсам, аны да алса болобу. Ошондо бүркүтүмдүн кыраандыгына аябай ыраазы болдум.

— Кандайча? —деп чыдап тура албай сурай кеттим.

— Азыр, азыр, уулум,— деп аяш атам оозундагы насыбайын чыйт-чыйт эткизе түкүрүп койду,— үйгө эринип отура албай бүркүтүмдү колума кондуруп, Орток тоосун көздөй багыт алып калдым. Ал жакта кайберендерден тартып, түлкү, илбээсиндер аябай көп. Тоонун этегиндеги майда бөксө тоолорду кыдырып, артып келатам. Тилегим үйгө кур кол кайтпай, олжолоп кетүү. Карышкыр жолугат экен деп, үч уктасам түшүмдө жок. Бир белести ашып, экинчи карагандуу коктуну өрдөй бергенимде бир нерсе жылт этип кача берди. Шашып кетип, а бу дегенче болбой бүркүтүмдүн томогосун тартып, шилтеп калдым. Бүркүтүм да карап турбастан тиги аңды көргөндө шак эле асманга атып чыкты. Карай салсам качып бараткан канчык карышкыр экен. Чочуп кеттим, бүркүтүмдү мурда эч качан карышкырга салып көргөн эмесмин. Эми баары бир кеч болуп калды. Бүркүтүмдөн айрылдым го деп, аябай чочулап турдум. Бир ирет бүркүтүм шуулдап тик сайылып келип, карышкырды жаза-буза бир тээп өттү. Карышкыр каңк эте түшүп, дагы эле качып баратат. Бүркүтүм карышкыр экенин билип, эми жалтайлап калаар деп ойлодум. Бирок, ал анткен жок. Жана шуулдап качырып келди да, жон талаштыра тээп өткөндөй болду. Карышкыр дагы эле тоотуп койгон жок, желе-жортуп кетип баратат. Бүркүтүмдүн бул жолу ызасы аябай келди окшойт, асманга көтөрүлгөндөн көтөрүлө берди. Бир кезде карасам тик сайылып качырып келаткан экен. Атыма үстөккө-босток камчы уруп, айкырыкты салып карышкырдын артынан чаап баратам. Бир кезде бүркүт менен карышкыр будалаша түштү. Көз ирмемге келген жок, бүркүтүм бир бута атымдай жерде көтөрүлүп учуп баратат. Карасам, канчык карышкырды соо-

русунан мыкчый кармап көтөрүп алыптыр. Аябай таң калдым бүркүтүмдүн амалына... Анан ал итабар жерге көкөлөтүп көтөрүп барды да, бир кезде карышкырды төмөн карай таштап жиберсе болобу. Асмандан күү менен түшкөн карышкыр жердеги таштарга келип, күп эте бир тийди. Чаап келип аттан түшө калып карасам, карышкыр чала жан болуп жатыптыр. Ошондо бүркүтүмдүн эрдигине жана амалдуулугуна сүйүнгөнүмдөн көзүмдөн жаш чыга түшкөн экен.

— Ого, чынында эле аябагандай кыраан бүркүт экен ээ, аяш ата! — деп жибердим.

— Ээ уулум,— деди бүркүтүнүн эрдигине сыймыктанган аяш атам. —Анын кыраандыгы дабанда жок бүркүт эле го чиркин!..

Аяш атам ушуларды тизмектештирип айтып келип анан эмнегедир өзүнчө эле тунжурай түштү.

— Бирок, кийин жаман бир иш болду,— деп аяш атам улутунуп кейип-кепчип койду.

— Кандайча?

— Азыр уулум, мынча болгондон кийин аны да айтып берейин...

...Эл жайлоодон түшүп калган убак. Эртели-кеч арык бойлорундагы суулар кылаңгыр тартып тоңуп, бутту-колду тызылдаткан ызгаар жүрө калат. Бу мергенчиликке көнүп алган адамың, үйгө баарлап отура албайт экен. Күндөрдүн биринде адаттагыдай эле бүркүтүмдү колума кондуруп, ууга чыгып калдым. Түшкө чейин көп жерди сыдырып өттүм. Айгыр-Жалдан баштап, Чоң-Туздун жылга-жыбыттарына чейин эч нерсе калтырбадым. Төрт амалым түгөнүп, төмөндөп Шарды көздөй капталдап келат-

тым. Шар демекчи, айылдагы койчу-колоңдордун, жылкычы, уйчулардын көпчүлүгү жайкысын ушул багытка баарлашып журт которушат. Жакында эле бул жактан көчүп, алардын төмөндөп барып чатка конгондорун өткөндө көрүп кеткем. Кээде тумшугуна эч нерсе илинбеген ач түлкүлөр журт шимшилеп бул тарапта да боло калышат. Аны өткөн жылы бир-эки жолу байкап калгам. Ошондон улам болуп калгысы бардыр деген үмүт менен атымдын тизгинин ошол жакка бурдум. Бир аз кырга тура калып, дүрбү да салып көрдүм. Жаңылбаптырмын, бир түлкү чын эле шимшилеп, журтта жүрөт. Кымылдай түштүм, үйгө олжолуу кайтат экем деп... Тоодон кыялап төмөн түштүм да, журттун тушундагы белден чыга калууну туура таптым. Өзүм күн мурунтан болжогондой эле ач түлкү көрүнөт, көрүнгөн журтка бир жүгүрүп шимшилеп тумшугун жерден албайт. Антип-минткенчекти атымды темине ылдамдатып, кыяга жетип бардым. Акырын кыядан башымды кылтыйтып карап көрдүм. Түлкү жыт алып качып кетпей дагы эле шимшилеп жүрөт. «Буюрса, ажалың жеткен түлкү экенсиң»,— деп ичимен кымылдап койдум. Жерге түшүп, атымдын басмайылын бегирээк тартып кайра миндим. Жер өтө эңкейиш болгондуктан атыман шыпырылып түшпөйүн деп сактанган ниетим. Анын үстүнө түлкүгө да сез көрсөтүп, кубалоого тийишмин...

Кырдан чыга түштүм... Түлкү көрөр замат булактап кокту ылдый кача берди. Шаша-буша бүркүтүмдүн томогосун тарттым. Ал түлкүнү көрөр замат асманга атып чыкты. Мен да айкырыкты салып артынан чаап жөнөдүм. Түлкү бүркүттү кылчак-кылчак карап коюп, качып барат. Бир жолу серпип өтөрүндө түлкү буйт берип кетти. Бүр-

күтүм аз жерден ала салып кете жаздап, кайра оңолду. Жана да канатын күүлөй ал обого көтөрүлдү. «Эми кетирбестирсиң»,— деп ойлодум. Асмандан шуулдаган үн чыкты, бүркүтүм канатын куушуруп, эки бутун арбайтып качырып келаткан экен. Жана серпип өттү. Түлкү чуңкурга бөжүп жата калган экен, бүркүтүм буйдаланып барып, боз ала чаң болуп отуруп калды. Түлкү жогору салды. Чаап жетип барып, бүркүтүмдү кондуруп кайра атыма миндим. Үстөккө-босток камчы уруп, өр талаша түлкүнүн артынан кууп келатам. Демиккен бүркүтүм көзүн чанагынан чыгарып, кайра-кайра жутунат. Бүркүтүмдү дагы шилтеп калдым. Калдаңдаган бүркүтүм канаттарын күүлөп асманга кайра көтөрүлдү. Эмнегедир ал кайра качырып кирүүнүн ордуна жогорулагандан жогорулай берди. Бүркүтүмдүн кыжыры аябай келгендигин сезип турдум. Түлкү болсо качып кетпей, эки алдыңкы колун көтөрүп, тикесинен туруп бүркүттөн көзүн албайт. Менин айкырыпкыйкырганыма деле болбой азга жүгүрүп барат да, кайра чочоюп итче тура калат. Жеткен амалдуу түлкү экенин баамдасам да, баары бир айла жок. Үнүмдүн бардыгынча кыйкырып, айбат кылып, бүркүтүмү шыктандырып жаттым. Бир кезде ободон шуулдаган катуу үн чыкты. Бүркүтүм топтоголок болуп атырылып качырып келаткан экен. Түлкүнү карасам, бир калыптан өзгөрбөй ар кайсы жерге тыбырчылап бир барып, качып кетүүнүн ордуна чочоюп тура калат. Түлкүнүн бүркүттөн айбыгып качпай, минтип чочоюп карап турушун турмушумда биринчи жолу көрүшүм.

...Аңгыча болбой бүркүтүм тээп өттү. «Буюрса, жаткыра тепти го»,— деп кичинекей кырды аша чаап бардым.

Мына, укмушуң кургур... Белден чыга түшкөнүмдө түлкү өлбөй эле, кылактап кача берди. Эмнегедир бүркүтүм көрүнбөйт. Чочуп кеттим, эмне болду деп жетип барып карасам, бүркүтүм журттагы кемегенин жанында сулап жатат. Атыман секирип түштүм. Бүркүтүм небак эле жан бериптир, оозунан шүйшүндөп аккан кан жерде уюп жатат. Кармалап көрсөм, көкүрөк сөөгү жарылып кетиптир. Таңгалып, эки жагымды кайсалап карай кеттим. Мына анын себебине эми түшүнбөдүмбү. Кемегенин четинде бир буту сынган тулга жатат. Бүркүтүм түлкүнү теберде, амалдуу куу түлкү тулгага жашына берген тура. Ошентип, күч менен келаткан бүркүт түлкү мант берип кеткенде, аны эмес, тулганы тээп алган тура...

...Каңырыгым түтөй, бүркүтүмдү алдыма өңөрүп, айылды көздөй капалуу жол тартып келаттым.

Баарыбыз ошол бүркүттүн кайгылуу окуясын тунжурап угуп, ичибизден кошо кейидик.

## МАЗМУНУ


Түнкүрдөгү адам . . . . . . . . . . . . . . 3
Өкүнүү . . . . . . . . . . . . . . . . . . 27
Ителгинин мертиниши . . . . . . . . . . . . 28
Жалгыз түп арча . . . . . . . . . . . . . . 41
Конуштагы окуя . . . . . . . . . . . . . . 55



*Чоку Дооталиев*

**ДНИ В ГОРАХ**

Рассказы
*Для детей среднего школьного возраста*

*На киргизском языке*

Издательство «Мектеп»

10 т.

